Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

## январь-апрель

**Айлык чыгарылыш**

2017 Бишкек

***Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы***

Редакциялык-басмалык кеңеш:
Төрага - А. Султанов
Мүчөлөр: - А. Оросбаев
- Б. Касымбеков
- Л. Текеева
- О. Курманкулов
- В. Бирюкова
- Ч. Турдубаева

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 374; телефон: 996 (312) 625662;
факс: 66-01-38; магнитик: www.stat. kg ;
e-mail: nsc_mail@stat.kg;

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
Жыйынтыктоо иштери жана статистикалык маалыматтарды жайылтуу бөлүмү

***Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы оперативдүү маалыматтардын негизинде 2017-жылдын январь-апрелиндеги өлкөнүн экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансылык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы: 32 нуска.

Бул басылма электрондук түрдө Улутстаткомдун маалыматтар базасында сакталат.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланган учурда маалыматтык тармактарда, кагазда, магниттик жана башка алып жүрүүчүлөргө таратканда, пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү («Мамлекеттик статистика жөнүндө» Мыйзамдын 17-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2017 -ж. 22-майы.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;
. . . маалымат жок;
0,0 көрсөткүчтүн мааниси өлчөөнүн бирдигинен аз.

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

# М а з м у н у

**1. Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү ....... 5**

**2. Сектордук баян ........................................................................................ 6**

**Реалдуу сектор ........................................................................................ 6**

**Мамлекеттик сектор ................................................................................ 38**

**Тышкы сектор .......................................................................................... 45**

**Социалдык сектор.......................................................................................51**

**Тиркеме 120**

**I. Реалдуу сектор 121**

**II. Тышкы сектор 131**

## 1-таблица: Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү

| | 2017 январь-апрели | 2017 январь-апрели 2016 январь-апрелине карата пайыз менен | 2017 апрели пайыз менен | | Маалымдоо: | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2016 апрелине карата | 2017 мартына карата | 2016 январь-апрели 2015 январь-апрелине карата пайыз менен | 2016 апрели пайыз менен | |
| | | | | | | 2015 апрелине карата | 2016 мартына карата |
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча), млн. сом | 120714,3 | 107,7 | | | 94,0 | | |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 107239,1 | 104,0 | | | 99,8 | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү - бардыгы, млн. сом | 68441,9 | 136,3 | 136,9 | 81,6 | 73,4 | 73,0 | 90,1 |
| «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 39614,3 | 124,5 | 125,7 | 95,1 | 93,1 | 81,6 | 90,3 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун продукцияларынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 30567,6 | 101,6 | 101,7 | 113,2 | 100,9 | 102,6 | 115,1 |
| Негизги капиталга инвестициялар, млн. сом | 25415,5 | 102,8 | 112,0 | 83,0 | 103,0 | 111,2 | 74,4 |
| Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү, млн. сом | 22950,7 | 101,9 | 107,2 | 74,5 | 103,6 | 102,5 | 69,9 |
| Соода; автомобилдерди, мотоциклдерди оңдоонун чекене жана дүң соода жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмү, млн. сом | 103854,4 | 103,7 | 103,7 | 107,3 | 104.4 | 102,9 | 107,1 |
| Мейманканалар жана ресторандар көрсөткөн тейлөөлөрдүн көлөмү, млн. сом | 4642,5 | 106,9 | 106,6 | 109,1 | 106,7 | 105,9 | 109,5 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 9070,2 | 102,8 | 102,1 | 96,8 | 103,7 | 101,1 | 96,7 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуу көлөмү, миң адам | 210643,0 | 103,8 | 103,6 | 99,9 | 103,8 | 104,5 | 97,8 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 102,1 | 103,8 | 100,1 | 100,8 | 99,4 | 99,2 |
| мурунку жылдын декабрына карата | 102,2 | | | | | | |
| Тышкы соода жүгүртүүнүн көлөмү[1], млн. АКШ доллары | 1304,1 | 119,2[2] | 141,9[3] | 134,1[4] | 83,4[2] | 81,2[3] | 103,7[4] |
| анын ичинде: | | | | | | | |
| экспорт | 433,4 | 128,5 | 204,0 | 137,6 | 86,3 | 69,4 | 70,3 |
| импорт | 870,7 | 115,0 | 119,4 | 132,2 | 82,1 | 86,2 | 123,7 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы[5], сом | 14203 | 105,6[2] | 107,7[3] | 115,9[4] | 112,4[2] | 113,1[3] | 107,6[4] |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 60,3 | 102,6 | 105,1 | 118,4 | 100,2 | 116,2 | 114,4 |

[1] 2017-ж. январь-марты.

[2] 2017-ж. январь-марты жана 2016-ж. январь-марты мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен.

[3] 2017-ж. марты жана 2016-ж. марты мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен.

[4] 2017-ж. марты жана 2016-ж. марты мурунку айга карата пайыз менен.

[5] Январь-март, чакан ишканаларды кошпогондо.

## 2. Сектордук баян

### Реалдуу сектор

**Өнөр жай.** 2017-жылдын январь-апрелинде өнөр жай ишканалары тарабынан 68441,9 млн. сом суммасында продукция өндүрүлдү, физикалык көлөмдүн индекси 2016-ж. январь-апрелине карата 136,3 пайызды, «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда 39614,3 млн. сомду же 124,5 пайызды, 2017-ж. мартына карата 81,6 пайызды түздү. 2017-жылдын апрелинде 16443,9 млн. сом суммасында өнөр жай продукциясы өндүрүлдү, физикалык көлөмдүн индекси 2016-ж. апрелине карата 136,9 пайызды, «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда 9427,3 млн. сомду же 125,7 пайызды түздү.

**2-таблица: Январь-апрелдеги өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү**

*(млн. сом)*

| | 2016 | | 2017 | |
|---|---|---|---|---|
| | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель |
| **Бардыгы** | **11415,8** | **50290,4** | **16443,9** | **68441,9** |
| Пайдалуу кендерди казуу | 636,0 | 2521,1 | 1237,2 | 4185,9 |
| Иштетүү өндүрүшү | 8557,5 | 33893,0 | 12340,7 | 48445,0 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 2080,5 | 13316,3 | 2715,3 | 15219,8 |
| Суу менен жабдуу, калдыктарды тазалоо, иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 141,9 | 560,0 | 150,6 | 591,4 |

Өнөр жай продукцияларынын көлөмүнүн өсүүсү негизги металл жана даяр металл буюмдарын, тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки, резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды, тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүүнүн, пайдалуу кендерди казуунун, ошондой эле электр энергия, газ жана буу менен камсыздоо (жабдуу) өндүрүшүнүн жогорулашы менен шартталды.

**3-таблица: Январь-апрелдеги өнөр жай продукцияларынын физикалык көлөмүнүн экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча индекси**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2016 | | 2017 | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель мартка карата |
| **Бардыгы** | **73,0** | **73,4** | **136,9** | **136,3** | **81,6** |
| "Кумтөр" кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 81,6 | 93,1 | 125,7 | 124,5 | 95,1 |
| **Пайдалуу кендерди казуу** | **146,6** | **149,2** | **208,8** | **180,2** | **128,3** |
| Таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) казуу | 73,4 | 84,6 | 157,8 | 100,9 | 64,4 |
| Чийки мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 146,4 | 165,7 | 96,8 | 103,2 | 68,0 |
| Металл рудасын казуу | 223,0 | 181,4 | 377,9 | 409,7 | 206,4 |
| Башка пайдалуу кендерди казуу | 225,0 | 343,9 | 103,4 | 80,9 | 122,5 |
| **Иштетүү өндүрүшү** | **67,6** | **66,6** | **137,1** | **137,4** | **78,5** |
| Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүү | 99,8 | 98,6 | 108,8 | 123,8 | 77,8 |
| Текстиль өндүрүшү; кийим жана бут кийимдерди, булгаары жана булгаарыдан жасалган башка буюмдарды өндүрүү | 81,0 | 89,4 | 101,9 | 100,8 | 101,0 |
| Жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдар өндүрүшү; басмакана ишмердиги | 141,6 | 134,8 | 75,2 | 79,1 | 91,3 |
| Тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүү | 44,2 | 86,7 | 274,2 | 167,7 | 93,8 |
| Химиялык продукцияларды өндүрүү | 49,9 | 67,9 | 126,6 | 97,5 | 624,8 |
| Фармацевтикалык продукцияларды өндүрүү | 86,3 | 93,5 | 109,3 | 118,2 | 63,9 |
| Резина жана пластмасса буюмдар, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү | 88,4 | 78,4 | 102,3 | 101,4 | 136,4 |
| Негизги металл жана даяр металл буюмдарды өндүрүү, машина жана жабдуу өндүрүшүнөн башка | 58,3 | 54,4 | 153,5 | 150,9 | 69,8 |

| | 2016 | | 2017 | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель мартка карата |
| Компьютер, электрондук жана оптикалык жабдууларды өндүрүү | 42,3 | 76,7 | 62,9 | 36,6 | 126,4 |
| Электр жабдууларын өндүрүү | 93,1 | 101,6 | 81,8 | 77,5 | 74,3 |
| Машина жана жабдууларды өндүрүү | 106,5 | 92,0 | 81,1 | 99,5 | 147,0 |
| Транспорт каражаттарын өндүрүү | 77,6 | 100,0 | 141,9 | 135,4 | 88,3 |
| Өндүрүштүн башка тармактары, машина жана жабдууну ондоо жана орнотуу | 92,0 | 113,5 | 115,4 | 119,9 | 90,2 |
| **Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)** | **88,4** | **86,3** | **101,6** | **114,4** | **75,7** |
| Электр энергия өндүрүү, аны берүү жана бөлүштүрүү | 94,4 | 85,8 | 96,2 | 114,0 | 75,1 |
| Газ өндүрүшү; газ жабдуу тутуму аркылуу газ түрүндөгү күйүүчү майды бөлүштүрүү | 59,3 | 89,3 | 182,0 | 113,5 | 94,7 |
| Буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 62,8 | 87,3 | 183,1 | 132,8 | 38,0 |
| **Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу** | **97,3** | **105,3** | **107,1** | **103,6** | **100,8** |
| Сууну чогултуу, иштетүү, бөлүштүрүү (суу менен жабдуу) | 102,2 | 98,8 | 102,5 | 101,9 | 97,0 |
| Агып чыкма сууларды чогултуу, иштетүү | 140,5 | 130,8 | 111,8 | 113,2 | 100,2 |
| Калдыктарды чогултуу, иштетүү жана жок кылуу, кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 111,2 | 82,0 | 176,9 | 123,5 | 155,7 |
| Тазалоо жана башка калдыктарды иштетүү | 93,5 | 108,5 | 93,3 | 100,4 | 89,2 |

2017-жылдын январь-апрелинде өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн өсүүсү Баткен, Нарын облустарынан жана Бишкек ш. башка бардык региондордо белгиленди.

**4-таблица: Январь-апрелдеги өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн аймактар боюнча көлөмү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы, млн. сом | | | | Физикалык көлөмдүн индекси, пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2016 | | 2017 | | 2016 | | 2017 | |
| | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель |
| **Кыргыз Республикасы** | **11415,8** | **50290,4** | **16443,9** | **68441,9** | **73,0** | **73,4** | **136,9** | **136,3** |
| Баткен облусу | 425,1 | 1320,5 | 374,3 | 1169,6 | 101,1 | 80,3 | 77,1 | 83,9 |
| Жалал-Абад облусу | 1242,3 | 5982,9 | 1476,4 | 6799,9 | 98,9 | 99,0 | 133,3 | 138,2 |
| Ысык-Көл облусу | 2579,8 | 11144,2 | 3713,5 | 15618,6 | 63,5 | 55,7 | 145,6 | 146,1 |
| Нарын облусу | 91,0 | 863,1 | 126,1 | 595,7 | 114,6 | 113,7 | 129,1 | 82,4 |
| Ош облусу | 304,4 | 1247,4 | 308,4 | 1285,4 | 104,0 | 98,8 | 96,8 | 101,9 |
| Талас облусу | 77,9 | 335,1 | 100,3 | 411,4 | 111,3 | 86,8 | 128,7 | 114,7 |
| Чүй облусу | 4131,8 | 17892,8 | 7238,4 | 29522,9 | 82,7 | 84,4 | 156,6 | 145,7 |
| Бишкек ш. | 2353,3 | 10249,8 | 2842,2 | 11502,5 | 95,9 | 104,9 | 96,5 | 85,6 |
| Ош ш. | 210,1 | 1254,7 | 264,2 | 1535,9 | 104,7 | 109,7 | 106,3 | 108,6 |

2017-жылдын январь-апрелинде өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүндө пайдалуу кендерди казуунун үлүшү 6,1 пайызды, иштетүү өндүрүшү - 70,8, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо - 22,2, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу - 0,9 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуунун көлөмү* 2017-ж. январь-апрелинде 4185,8 млн. сомду, ал эми физикалык көлөмдүн индекси 2016-ж. январь-апрелине карата 180,2 пайызды түздү. Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн көбөйүшү металл рудасын казуунун көлөмүнүн - 4,1 эсеге, чийки мунайзат жана жаратылыш газдын - 3,2 пайызга, таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) - 0,9 пайызга өндүрүүнүн жогорулашынын эсебинен камсыздалды.

Муну менен катар башка пайдалуу кендерди казуунун көлөмү - 19,1 пайызга кыскаргандыгы белгиленди.

**5-таблица: Январь-апрелдеги пайдалуу кендердин негизги түрлөрүнүн казылышы**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2016 | | 2017 | | 2016 | | 2017 | |
| | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь апрель |
| **Таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) казуу** | | | | | | | | |
| Таш көмүр, миң т | 9,8 | 59,3 | 6,7 | 57,9 | 228,5 | 85,3 | 68,3 | 97,7 |
| Күрөң көмүр (лигнит), миң т | 37,8 | 343,5 | 74,5 | 349,9 | 58,7 | 84,5 | 197,1 | 101,9 |
| **Чийки мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү** | | | | | | | | |
| Чийки мунайзат, миң т | 9,7 | 41,9 | 9,5 | 43,4 | 151,6 | 176,1 | 97,9 | 103,6 |
| Суюк же газ түрүндөгү жаратылыш газы, млн. м$^3$ | 2,5 | 12,0 | 2,0 | 11,8 | 92,6 | 87,0 | 80,0 | 98,3 |
| **Башка пайдалуу кендерди казуу** | | | | | | | | |
| Эстеликтер, жасалгалоо же курулуш иштери үчүн гранит, ири кум жана башка таш, т | 7931,5 | 31511,6 | 171,0 | 787,4 | 14239,7 | 12406,1 | 2,2 | 2,5 |
| Базальт, т | 7804,0 | 30999,6 | - | - | - | - | - | - |
| Кесекшагыл, крошка жана таштын күкүмдөрү, майдаташ, гравий, шагыл, миң т | 38,9 | 217,5 | 68,1 | 187,8 | 54,3 | 89,6 | 174,9 | 86,4 |

*Иштетүү өндүрүшүнүн* продукцияларынын көлөмү 2017-жылдын январь-апрелинде жалпысынан 48445,0 млн. сомду түздү, анын ичинен машина жана жабдууларды өндүрүүдөн башка негизги металл жана даяр металл буюмдарын өндүрүү - 30049,4 млн. сомду (өнөр жайдын жалпы көлөмүнүн 43,9 пайызы), тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүү - 8388,1 млн. сомду (12,3 пайыз), резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү - 3316,8 млн. сомду (4,8 пайыз), текстиль өндүрүшү, кийим, бут кийим жана булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдарды өндүрүү - 936,5 млн. сомду (1,4 пайыз) түздү. Жалпысынан тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 2017-ж. январь-апрелинде 137,4 пайызды, апрелде - 137,1 пайызды түздү.

2017-жылдын январь-апрелинде 2016-жылдын январь-апрелине салыштырмалуу негизги металлдар жана даяр металл буюмдар өндүрүшүнүн көлөмүнүн 1,5 эсеге көбөйүшү негизги металлдарды өндүрүүнүн өсүүсү менен шартталды. Резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү 1,4 пайызга жогорулашы пластмасса буюмдардын, айнек тилкелердин, бетондон, гипс жана цементен жасалган буюмдарды өндүрүүнүн өсүүсү менен шартталды. Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүшүндөгү продукциялардын 23,8 пайызга өсүшү кант, ун, ундан жасалган азыктар, сүт азыктарын өндүрүүнүн өсүшү менен шартталды. Тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүүнүн көлөмү бензин чыгаруунун 1,7 эсеге көбөйүшү менен шартталды. Текстиль өндүрүшү, кийим, бут кийим жана булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдарды өндүрүүнүн 0,8 пайызга өсүшү кийим чыгаруунун көбөйүшү менен шартталды. Өндүрүштүн башка тармактары, машина жана жабдууларды ондоо жана орнотуу өндүрүшүндөгү өсүш ашкана эмеректери жана башка эмерек чыгаруунун 19,9 пайызга көбөйүшүнүн эсебинен болду. Фармацевтикалык продукциялардын көлөмүнүн көбөйүшү 18,2 пайызга башка фармацевтикалык продукциялардын көбөйүшүнүн эсебинен болду.

Ошол эле учурда химиялык продукциялар өндүрүшүнүн көлөмүнүн (2,5 пайызга) азайышы башка химиялык продукциялардын азайышынан болду. Компьютер, электрондук жана оптикалык жабдуулардын (63,4 пайызга) кыскарышы буюмдарды, аспаптарды орнотуу кызматтарынын азайышынын эсебинен болду.

**6-таблица: Январь-апрелдеги иштетүү тармактарынын продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2016 | | 2017 | | 2016 | | 2017 | |
| | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель |
| **Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүү** | | | | | | | | |
| Ири мүйүздүү малдын, чочконун, койдун, эчкинин, жылкынын жаңы жана муздатылган эти жана тамак-аш субпродуктулары, т | 920,7 | 3319,1 | 1079,9 | 4008,4 | 107,2 | 114,9 | 117,3 | 120,8 |
| Жашылча-жемиш ширелери, миң литр | 389,2 | 1326,0 | 539,2 | 1671,8 | 56,1 | 46,3 | 138,5 | 126,1 |
| Колбаса азыктары, т | 258,7 | 984,6 | 265,5 | 1007,4 | 108,2 | 106,6 | 102,6 | 102,3 |
| Иштетилген сүт, т | 1965,3 | 8560,0 | 1725,2 | 9106,1 | 94,1 | 79,3 | 87,8 | 106,4 |
| Сүт жана каймак катуу түрүндө, т | 69,5 | 145,8 | 134,4 | 940,7 | 32,2 | 30,1 | 193,4 | 645,2 |
| Чалган май, т | 142,5 | 398,5 | 211,2 | 920,8 | 69,3 | 78,3 | 148,2 | 231,1 |
| Сахар, т | 9,7 | 48,8 | 424,4 | 32048,6 | 185,1 | 173,4 | 4375,3 | 65673,4 |
| Ундан жасалган, жаңы бышкан торттор, пирожныйлар жана кондитер азыктары (аз мөөнөткө сакталган), т | 294,2 | 1489,3 | 429,8 | 1569,9 | 100,6 | 108,7 | 146,1 | 105,4 |
| Макарон, кесме жана ушул өңдүү ундан жасалган азыктары, тонн | 1214,4 | 4219,1 | 1303,7 | 5999,0 | 75,6 | 62,3 | 107,4 | 142,2 |
| Арак, миң литр | 537,0 | 2146,2 | 84,0 | 1178,6 | 87,2 | 84,1 | 15,6 | 54,9 |
| Алкоголсуз суусундуктар (мөмө-жемиштерден, жашылчалардан, ачытылып жасалган жана башкалар), миң литр | 8758,2 | 30475,9 | 8572,1 | 28927,9 | 81,5 | 101,7 | 97,9 | 94,9 |
| Өнөр жайлык тамеки, т | - | 300,0 | - | - | - | 16,8 | - | - |
| **Текстиль өндүрүшү; кийим жана бут кийимдерди, булгаары, булгаарыдан жасалган башка буюмдарды өндүрүү** | | | | | | | | |
| Кардо жана тарак менен таралган пахта буласы, т | 44,9 | 1317,1 | 7,3 | 1405,8 | 222,3 | 38,7 | 16,3 | 106,7 |
| Шейшептер, миң даана | 10,3 | 48,8 | 35,2 | 123,2 | 62,7 | 82,1 | 341,7 | 252,5 |
| Эркектер жана балдар үчүн сырткы кийимдер (трикотаж кийиминен башка), миң даана | 114,5 | 259,7 | 149,1 | 379,5 | 72,5 | 71,1 | 130,2 | 146,1 |
| Аялдар жана кыздар үчүн сырткы кийим (трикотаж кийиминен башка), миң даана | 943,0 | 2214,8 | 1196,0 | 3081,1 | 69,7 | 62,3 | 126,8 | 139,1 |
| Машина же колдо токулган трикотаж сырткы кийимдер, миң даана | 2,3 | 12,4 | 8,3 | 27,0 | 64,9 | 106,9 | 357,8 | 217,4 |
| Машинага же колго токулган трикотаж колготкилер, миң даана | 48,5 | 148,2 | 82,9 | 270,8 | 71,1 | 55,0 | 170,9 | 182,7 |
| Ички кийим (машина же колдо токулган трикотаж кийиминен башка), миң даана | 915,9 | 1945,5 | 684,0 | 1935,4 | 293,3 | 187,3 | 74,7 | 99,5 |
| Ири мүйүздүү малдын терисинен булгаары же жылкынын жүнсүз териси миң $дм^2$ | 103,8 | 515,3 | 128,3 | 409,4 | - | 63,1 | 123,6 | 79,4 |
| Бут кийим, миң түгөй | 782,8 | 3383,7 | 482,8 | 651,5 | 70,6 | 240,1 | 61,7 | 19,3 |
| **Резина жана пластмасса буюмдарын, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү** | | | | | | | | |
| Пластмассадан жасалган ашкана идиш-аяктары, т | 48,2 | 523,5 | 62,4 | 185,9 | 133,9 | 112,6 | 129,4 | 35,5 |
| Пластмассадан жасалган пол жана дубалга тёшёлмё, рулон же плитка түрүндө, миң $м^2$ | 210,1 | 865,2 | 393,9 | 1255,5 | 61,9 | 78,6 | 187,5 | 145,1 |
| Пластмассадан жасалган түтүк, түтүкчө, шланг жана алардын фитингтери, тонн | 108,4 | 535,1 | 394,6 | 806,8 | 53,7 | 103,7 | 364,0 | 150,8 |

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2016 | | 2017 | | 2016 | | 2017 | |
| | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель |
| Пластмассадан жасалган эшик, терезе, алардын четиндеги жыгачтары, эшиктин босогосу, жалюзи жана ушул өңдүү буюмдар жана алардын бөлүктөрү, кв.м | 9874,7 | 28308,6 | 12648,2 | 31382,7 | 132,5 | 89,4 | 128,1 | 110,9 |
| Айнек тилкелер, миң $м^2$ | 1599,4 | 4317,7 | 2028,2 | 6697,5 | 79,0 | 64,8 | 126,8 | 155,1 |
| Цемент, миң т | 142,3 | 339,3 | 139,6 | 291,4 | 83,3 | 74,3 | 98,1 | 85,9 |
| Шыбак (гипс), т | 254,5 | 824,0 | 737,3 | 1831,0 | 67,4 | 104,2 | 289,7 | 222,2 |
| Товардык бетон, миң т | 71,9 | 164,4 | 57,5 | 161,8 | 80,8 | 64,7 | 80,0 | 98,5 |
| Асбестоцементтен, целлюлоза буласы кошулган цементтен жана ушул өңдүү материалдардан жасалган буюмдар (толкун сымал шифер, тилкелер, панелдер, плиткалар), т | 3114,0 | 5909,0 | 5575,0 | 12569,0 | 115,0 | 112,3 | 179,0 | 212,7 |
| **Негизги металл жана даяр металл буюмдарын өндүрүү, машина жана жабдуу өндүрүүдөн башка** | | | | | | | | |
| Металлконструкциялар жана алардын бөлүктөрү, т | 1071,6 | 3131,2 | 1187,8 | 4199,1 | 78,7 | 98,5 | 110,8 | 134,1 |
| Курулуш иштери үчүн жасалган конструкциялар, т | 703,3 | 1621,6 | 656,6 | 2656,7 | 112,6 | 101,8 | 93,4 | 163,8 |
| Металлдан жасалган эшик, терезе жана алардын рамалары, эшиктердин босоголору, кв. м | 236,0 | 415,4 | 1321,1 | 2837,3 | 32,2 | 103,2 | 559,8 | 683,0 |
| Цинктен жасалган профилдер, тикендүү зымдар, калың зымдар, стерждер, плиталар, барактар, тасмалар, тилкелер, жана фольгалар, миң пог. м | 13,5 | 24,4 | 20,4 | 63,2 | 99,5 | 68,0 | 150,7 | 258,9 |
| **Компьютер, электрондук жана оптикалык жабдуу өндүрүшү** | | | | | | | | |
| Компьютерлерди жана перифериялык түзүлүштөрдү өндүрүү (топтоо кошулганда)жана аларды орнотуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр, миң сом | 321,5 | 1128,8 | 274,6 | 788,4 | 121,0 | 99,6 | 85,4 | 69,8 |
| Диоддор, транзисторлор, тиристорлор димисторлор (диоддуке тиристорлор) жана симисторлор (триоддук тиристорлор), даана | - | - | 19 | 19 | - | - | - | - |
| **Электр жабдууларын өндүрүү** | | | | | | | | |
| 16 кВА дан көп эмес кубаттуулуктагы башка трансформаторлор, даана | 3559 | 13348 | 2001 | 8025 | 83,2 | 83,9 | 56,2 | 60,1 |
| Ысыткыч лампалар же газ менен иштөөчү лампалар; доголуу лампалар, миң. даана | 10553,2 | 52233,0 | 8386,2 | 37174,0 | 99,0 | 101,9 | 79,5 | 71,2 |
| **Транспорттук каражаттар өндүрүшү** | | | | | | | | |
| Радиаторлор жана алардын бөлүктөрү, миң. даана | 5,8 | 26,8 | 8,0 | 35,8 | 78,4 | 99,3 | 137,9 | 133,6 |
| Чиркегичтер жана башка жарым чиркегичтер, даана | - | 10 | 8 | 29 | - | 214,3 | - | 290,0 |
| **Өндүрүштүн башка тармактары, машина жана жабдууну оңдоо жана орнотуу** | | | | | | | | |
| Пластмассадан эмерек жана башка материалдардан эмерек, даана | 6594 | 8675 | 7701 | 15846 | 87,9 | 101,9 | 116,8 | 182,7 |
| Тамак ичүүчү жана турак бөлмөлөр үчүн жыгач эмеректер (отуруучу эмеректерден башка), даана | 897 | 2748 | 868 | 3422 | 116,2 | 115,1 | 96,8 | 124,5 |
| Ашкана эмеректери, даана | 587 | 1565 | 634 | 2112 | 85,2 | 64,6 | 108,0 | 135,0 |

**1-график: Январь-апрелинде аймак боюнча өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекстери**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**2-график: Апрелиндеги айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоо продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси**

*(мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен)*



2017-жылдын январь-апрелинде *электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоонун (жабдуу)* көлөмү 15219,8 млн. сомду, ал эми физикалык көлөмдүн индекси 114,4 пайызды түздү, апрелде тиешелүүлүгүнө жараша 2715,3 млн. сомду жана 101,6 пайызды түзгөн. Өндүрүштүн көлөмүнүн жогорулашы электр энергиясын иштетүүнүн 18,4 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү жана сатуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн - 21,4 пайызга жогорулашы менен шартталды.

**7-таблица: Январь-апрелдеги электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2016 | | 2017 | | 2016 | | 2017 | |
| | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель |
| Электр энергия, млн. кВт с | 849,7 | 5011,6 | 1050,1 | 5933,0 | 93,1 | 94,8 | 123,6 | 118,4 |
| Буу жана ысык суу (жылуулук энергиясы), миң Гкал | 83,4 | 1178,9 | 148,6 | 1594,8 | 61,8 | 78,9 | 178,2 | 135,3 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү жана сатуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр (сатылып алынган электр энергиясынын наркы кошулбайт), млн. сом | 590,7 | 3004,2 | 775,8 | 3728,7 | 85,3 | 82,8 | 131,3 | 124,1 |
| Газ түрүндөгү күйүүчү майды түтүктөр менен бөлүштүрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр, магистралдан тышкары (сатылып алынган газдын наркы кошулбайт), млн. сом | 76,0 | 562,7 | 139,4 | 640,0 | 59,1 | 87,6 | 183,4 | 113,7 |

2017-жылдын январь-апрелиндегы *суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуунун* көлөмү 591,4 млн. сомду, ал эми физикалык көлөмдүн индекси - 103,6 пайызды, апрелде тиешелүүлүгүнө жараша 150,6 млн. сомду жана 107,1 пайызды түздү.

**8-таблица: Январь-апрелдеги суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу**

| | Өндүрүлдү - бардыгы | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2016 | | 2017 | | 2016 | | 2017 | |
| | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель |
| Жаратылыш суусу, млн. $м^3$ | 10,6 | 43,1 | 11,0 | 44,3 | 99,7 | 97,3 | 103,6 | 102,7 |
| Канализация, жок кылуу, агын сууларды ташуу жана аларды иштетүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр, млн. сом | 18,3 | 72,5 | 20,4 | 82,3 | 135,1 | 129,5 | 111,9 | 113,6 |
| Айлана-чөйрөдөгү булгоолордон рекультивациялоо (калыбына келтирүү) жана тазалоо, млн. сом | 30,2 | 114,9 | 28,2 | 115,4 | 101,5 | 110,9 | 93,3 | 100,4 |

Чыгарылган өнөр жай продукцияларынын эң маанилүү 471 түрүнүн ичинен 2017-ж. январь-апрелинде 228 аталышынын (48,4 пайызынын) чыгарылышы көбөйдү, 186 аталышынын (39,5 пайызы) чыгарылышы төмөндөдү, ал эми 53 аталышы (11,3 пайызы) өндүрүлгөн жок.

**Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук.** 2017-жылдын январь-апрелинде айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун

продукцияларынын дүң чыгарылышы 30567,6 млн. сом өлчөмүндө түзүлдү, муну менен бирге физикалык көлөмдүн индекси 101,6 пайызды түздү.

**9-таблица: Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык улоочулуктун продукцияларынын физикалык көлөмүнүн индекси**

| | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Мурунку айга карата | |
|---|---|---|---|---|
| | пайыз менен | | | |
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| Январь | 100,0 | 101,5 | - | - |
| Февраль | 100,0 | 101,2 | 104,4 | 103,3 |
| Январь-февраль | 100,0 | 101,3 | - | - |
| Март | 100,8 | 101,8 | 105,2 | 108,3 |
| Январь-март | 100,3 | 101,5 | - | - |
| Апрель | 102,6 | 101,7 | 115,1 | 113,2 |
| Январь-апрель | 100,9 | 101,6 | - | - |

Үстүбүздөгү жылдын январь-апрелинде айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жалпы көлөмүн мал чарба продукциясынын 94,4 пайызы, өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн - 2,5 пайызы, токой чарбасы жана балык улоочулуктун - 0,3 пайызы жана кызмат көрсөтүүлөрдүн - 2,8 пайызы түздү. Дыйкан (фермер) чарбаларынын жана жарандардын жеке көмөкчү чарбаларынын үлүшүнө продукциялардын жалпы көлөмүнүн 95,3 пайызы туура келди.

Быйылкы жылдын январь-апрелиндеги айыл чарба продукцияларын дүңүнөн чыгаруунун көлөмүнүн өсүүсү мал чарба тармагынын продукцияларын өндүрүүнүн жогорулашы менен шартталды.

**10-таблица: 2017-жылдын январь-апрелиндеги айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулуктун продукцияларынын аймактар боюнча дүң чыгарылышы**

| | Млн. сом (кезектеги баа менен) | Мурунку жылга карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **30567,6** | **101,6** | **100,0** |
| Баткен облусу | 2046,1 | 100,5 | 6,7 |
| Жалал-Абад облусу | 5017,5 | 101,8 | 16,4 |
| Ысык-Көл облусу | 3896,4 | 101,3 | 12,7 |
| Нарын облусу | 3696,0 | 101,6 | 12,1 |
| Ош облусу | 6075,7 | 101,4 | 19,9 |
| Талас облусу | 1928,5 | 100,6 | 6,3 |
| Чүй облусу | 7476,0 | 102,3 | 24,5 |
| Бишкек ш. | 266,5 | 99,3 | 0,9 |
| Ош ш. | 164,9 | 100,3 | 0,5 |

Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун продукцияларынын дүң чыгарылышынын жалпы көлөмүндөгү эң чоң үлүштү Чүй облусу (24 пайыздан көбүн) ээлейт.

Республиканын чарбаларында жаздык өсүмдүктөрдү себүү улантылууда.

Быйылкы жылдын апрелинин аягына карата жалпы республика боюнча 285,1 миң гектарга жаздык өсүмдүктөр себилди, бул 2016-ж. себилген жаздык өсүмдүктөрдүн жалпы аянтынын 43,7 пайызын түздү. Күздүк эгиндин 64,9 миң гектар аянты, жазгы айдоо - 289,5 миң гектар аянтты азыктандырылды.

**11-таблица: 2017-жылдын 25-апрелине карата жаздык өсүмдүктөрдүн аймактар боюнча себилиши**

| | Себилди - бардыгы, миң гектар | Жыйынтыкка карата пайыз менен |
|---|---|---|
| **КыргызРеспубликасы** | **285,1** | 100 |
| Баткен облусу | 21,4 | 7,5 |
| Жалал-Абадоблусу | 47,9 | 16,8 |
| Ысык-Көлоблусу | 16,2 | 5,7 |
| Нарын облусу | 2,6 | 0,9 |
| Ош облусу | 51,4 | 18,0 |
| Талас облусу | 5,1 | 1,8 |
| Чүйоблусу | 139,9 | 49,1 |
| Ош ш. | 0,6 | 0,2 |

Республика боюнча жалпы аянттагы себилген аянттын эң чоң үлүшү Чүй, Ош жана Жалал-Абад облустарынын чарбаларына туура келди.

Жаздык себүүнүн эң чоң аянтына дан эгиндерин, май өсүмдүктөрүн жана жашылчаларды себүү туура келет.

**12-таблица: 2017-жылдын 25-апрелине карата жаздык өсүмдүктөрдү түрлөр боюнча себүү**

| | Себилди - бардыгы, миң гектар | 2016-ж. себилген жаздык өсүмдүктөрдүн аянтына карата пайыз менен |
|---|---|---|
| Буудай | 64,7 | 58,5 |
| Арпа | 111,9 | 65,0 |
| Дандык жүгөрү | 24,3 | 41,9 |
| Картошка | 12,6 | 22,5 |
| Жашылчалар | 13,8 | 42,4 |
| Май өсүмдүктөрү | 18,8 | 50,5 |
| Көп жылдык чөптөр | 12,9 | 35,6 |

Жалпы республика боюнча жаздык буудайды себүү 2016-жылдагы себилген аянттын 59 пайызга жакынын түздү.

**13-таблица: 2017-жылдын 25-апрелине карата жаздык буудайдын аймактар боюнча себилиши**

| | Себилди - бардыгы, миң гектар | 2015-ж. себилген жаздык өсүмдүктөрдүн аянтына карата пайыз менен |
|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **64,7** | **58,5** |
| Баткен облусу | 7,2 | 97,2 |
| Жалал-Абад облусу | 3,0 | 81,8 |
| Ысык-Көл облусу | 11,0 | 22,6 |
| Нарын облусу | 1,3 | 12,3 |
| Ош облусу | 17,0 | 88,1 |
| Талас облусу | 0,7 | 47,9 |
| Чүй облусу | 24,3 | 126,3 |

Чүй, Баткен, Ош жана Жалал-Абад облустарынын чарбаларындагы себүү орточо республикалык көрсөткүчтөрдөн жогору болду.

Үстүбүздөгү жылдын январь-апрелинде өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн көлөмүнүн өсүүсү камсыздалды.

**14-таблица: Январь-апрелинде чарбалардын бардык категорияларында мал чарба продуктуларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү**

| | Өндүрүлдү - бардыгы, тонна | | | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2016 | | 2017 | | 2016 | | 2017 | |
| | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель | апрель | январь-апрель |
| Союлуучу мал жана канаттуу (тирүүлөй салмакта) | 26893,4 | 112190,1 | 27364 | 114017,3 | 100,8 | 101,3 | 101,8 | 101,6 |
| Чийки сүт | 119299,6 | 365726,1 | 121729,7 | 372785,5 | 102,6 | 102,4 | 102,0 | 101,9 |
| Жумуртка, миң даана | 46565 | 136692,1 | 51809,8 | 144649,4 | 110,3 | 108,8 | 111,3 | 105,8 |

Быйылкы жылдын январь-апрелинде өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда союлуучу малдардын жана канаттуулардын этин (тирүүлөй салмакта) (1,6 пайызга), сүттү (1,9 пайызга) жана жумуртка (5,8 пайызга) өндүрүүнүн өсүшү малдардын жана үй канаттуулардын башынын көбөйүшү менен камсыздалды.

**15-таблица: 2017-жылдын январь-апрелинде мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн аймактар боюнча өндүрүлүшү**

| | Союлуучу мал жана канаттуу (тирүүлөй салмакта) | Чийки сүт | Жумуртка, миң даана |
|---|---|---|---|
| | *Тонна* | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **114017,3** | **372785,5** | **144649,4** |
| Баткен облусу | 7545,9 | 20774,8 | 3426,8 |
| Жалал-Абад облусу | 16495,0 | 60559,0 | 16218,0 |
| Ысык-Көл облусу | 14615,2 | 62985,1 | 9196,0 |
| Нарын облусу | 17369,0 | 27651,1 | 1127,8 |
| Ош облусу | 21162,6 | 74783,7 | 14412,7 |
| Талас облусу | 8238,0 | 19661,5 | 5615,0 |
| Чүй облусу | 28005,6 | 104228,3 | 93818,1 |
| Бишкек ш. | 72,0 | 172,0 | 231,0 |
| Ош ш. | 514,0 | 1970,0 | 604,0 |
| | *Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен* | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **101,6** | **101,9** | **105,8** |
| Баткен облусу | 100,5 | 100,8 | 100,7 |
| Жалал-Абад облусу | 102,6 | 102,0 | 103,3 |
| Ысык-Көл облусу | 101,0 | 102,3 | 103,3 |
| Нарын облусу | 101,8 | 101,9 | 102,3 |
| Ош облусу | 101,3 | 102,2 | 105,7 |
| Талас облусу | 100,8 | 99,7 | 101,3 |
| Чүй облусу | 102,1 | 102,1 | 107,4 |
| Бишкек ш. | 86,8 | 102,4 | 84,9 |
| Ош ш. | 101,2 | 102,2 | 76,3 |

Мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн өсүүсү республиканын көпчүлүк региондорунда камсыздалды.

Бир уйдан орточо саалган сүт 483,2 кг түздү. Орточо республикалык деңгээлден жогорку көрсөткүч Ысык-Көл (570,8 кг), Талас (591,3кг) жана Чүй (776,0 кг) облустарынын чарбаларында болду.

**Курулуш.** Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 2017-ж. январь-апрелинде 22950,7 млн. сомду түздү, бул 2016-ж. январь-апрелине караганда 101,9 пайызды түздү.

Негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн деңгээли 2017-ж. январь-апрелинде 2016-ж. январь-апрелине караганда 102,8 пайызды (салыштырмалуу баада) жана 25415,5 млн. сомду түздү. Үстүбүздөгү жылдын апрелинде 2016-ж. апрелине салыштырмалуу анын көлөмү 12 пайызга көбөйүп, 7725,9 млн. сомду түздү.

**16-таблица: Негизги капиталга инвестициялоонун динамикасы**

| | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Мурунку айга карата | |
|---|---|---|---|---|
| | пайыз менен | | | |
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| Январь | 95,0 | 97,7 | 11,7 | 12,4 |
| Февраль | 96,7 | 98,4 | 206,6 | 208,1 |
| Январь-февраль | 96,1 | 98,2 | - | - |
| Март | 104,2 | 100,3 | 160,9 | 164,0 |
| Январь-март | 100,2 | 99,3 | - | - |
| Апрель | 111,2 | 112,0 | 74,4 | 83,0 |
| Январь-апрель | 103,0 | 102,8 | - | - |

2016-жылдын январь-апрелине салыштырмалуу ички булактардын эсебинен каржыланган негизги капиталга инвестициянын көлөмү 3,6 пайызга өстү, муну менен бирге ишканалардын жана уюмдардын эсебинен - 27,7 пайызга өстү, ошол эле убакта банктардын насыяларынын эсебинен инвестициянын көлөмү 4,3 эсеге, республикалык бюджеттин эсебинен - 1,7 эсеге, жергиликтүү бюджеттин эсебинен - 7,6 пайызга, калктын каражатынын эсебинен - 7,1 пайызга кыскарды. Инвестициянын көлөмү тышкы булактардын эсебинен 0,8 пайызга көбөйдү, ошону менен бирге чет өлкөлүк грант жана гуманитардык жардамдын эсебинен - 1,8 эсеге көбөйдү, ал эми чет өлкөлүк насыялардын эсебинен - 6,4 пайызга, тике чет өлкөлүк инвестициялардын эсебинен - 5,4 пайызга төмөндөдү.

**17-таблица: Январь-апрелдеги каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялоо**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| **Бардыгы** | **24539,7** | **25415,5** | **100** | **100** |
| **Ички инвестициялар** | **17862,0** | **18633,8** | **72,8** | **73,3** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдын каражаттарын кошкондо) | 810,1 | 479,6 | 3,3 | 1,9 |
| Жергиликтүү бюджет | 121,8 | 113,3 | 0,5 | 0,4 |
| Ишканалардын жана уюмдардын каражаттары | 6379,5 | 8203,0 | 26,0 | 32,3 |
| Банктын насыясы | 46,6 | 10,8 | 0,2 | 0,0 |
| Калктын каражатынан, КРдин резидентинин кайрымдуулук жардамын кошкондо | 10504,0 | 9827,1 | 42,8 | 38,7 |
| **Тышкы инвестициялар** | **6677,7** | **6781,7** | **27,2** | **26,7** |
| Чет өлкөлүк насыялар | 3726,1 | 3514,3 | 15,2 | 13,8 |
| Тике чет өлкөлүк инвестициялар | 2416,1 | 2302,2 | 9,8 | 9,1 |
| Чет өлкөлүк гранттар жана гуманитардык жардам | 535,5 | 965,2 | 2,2 | 3,8 |

Айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук объекттеринин курулушундагы негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн көлөмү 2016-ж. январь-апрелине салыштырмалуу 1,8 эсеге азайды. Каржылоо негизинен, республикалык бюджеттин эсебинен, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдын эсебинен, ошондой эле калктын каражатынын (92,5 пайызы) эсебинен ишке ашырылды.

Пайдалуу кендерди казуу объекттеринин курулушуна инвестиция өздөштүрүүнүн деңгээли 2017-ж. январь-апрелинде өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 96,8 пайызды түздү. Каржылоо негизинен ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен, ошондой эле тике чет өлкөлүк инвестициянын (99,5 пайызы) эсебинен каржыланды.

Иштетүү өндүрүшүнүн объекттеринин курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү 2016-ж. тийиштүү мезгилине салыштырганда 5,3 пайызга төмөндөдү. Каржылоо

негизинен чет өлкөлүк насыялардын, ишканалардын жана уюмдардын эсебинен, ошондой эле тике чет өлкөлүк инвестициянын (99,4 пайызы) эсебинен ишке ашырылды.

Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо боюнча объекттерди курууга жана реконструкциялоого багытталган өздөштүрүлгөн каражаттардын көлөмү 2016-ж. январь-апрелине салыштырганда 28,1 пайызга көбөйдү. Муну менен бирге, курулуш негизинен чет өлкөлүк насыянын, ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын, тике чет өлкөлүк инвестициянын эсебинен, ошондой эле чет өлкөлүк грантардын жана гуманитардык жардамдын эсебинен гана (99,8 пайызы) ишке ашырылды.

Суу менен жабдуу, тазалоо жана калдыктарды иштетүү объекттеринин курулушуна багытталган инвестициянын көлөмү 2,4 эсеге олуттуу көбөйдү. Муну менен бирге инвестициянын жалпы көлөмү чет өлкөлүк насыянын, тике чет өлкөлүк инвестициянын, ошондой эле жергиликтүү бюджеттин эсебинен (91,4 пайызы) каржыланды.

Дүң жана чекене соода объекттеринин курулушундагы негизги капиталга инвестиция өздөштүрүүнүн деңгээли 2016-ж. январь-апрелине салыштырмалуу 9,8 пайызга көбөйдү. Курулуш ишканаларынын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен ошондой эле калктын каражаттарынын эсебинен каржыланды.

Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо объекттеринин курулушу негизинен чет өлкөлүк насыялардын, чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен, жана ошондой эле республикалык бюджеттин (88,9 пайызы) эсебинен каржыланды, ал эми алардын курулушуна өздөштүрүлгөн инвестициянын көлөмү 2016-ж. январь-апрелине салыштырмалуу 1,3 эсеге азайды.

Мейманканалардын жана ресторандардын курулушуна багытталган өздөштүрүлгөн каражаттардын көлөмү 4,2 эсеге көбөйдү. Муну менен бирге инвестициянын жалпы көлөмү тике чет өлкөлүк инвестициянын, калктын каражатынын, ошондой эле ишканалардын жана уюмдардын (99,4 пайызы) эсебинен жүргүзүлдү.

Байланыш объекттерин курууга жана реконструкциялоого багытталган инвестициялардын жалпы көлөмү ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын, ошондой эле жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланып, 2016-ж. январь-апрелине салыштырганда 1,5 эсеге көбөйдү.

Саламаттыкты сактоо объекттеринин курулушуна багытталган инвестициянын көлөмү 2,3 эсеге көбөйдү. Муну менен бирге негизги көлөм калктын каражатынын, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен (97,6 пайызы) каржыланды. Муну менен катар, билим берүү объектеринин курулушуна багытталган инвестициянын көлөмү (7,4 эсеге) олуттуу азайды. Муну менен бирге негизги каржылоо булактары болуп республикалык жана жергиликтүү бюджеттер болуп эсептелди (84,4 пайызы)

Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу объекттеринин курулушуна багытталган инвестициянын көлөмү 0,6 пайызга көбөйдү, курулуш негизинен чет өлкөлүк гранттын жана гуманитардык жардамдын эсебинен, республикалык бюджеттин эсебинен, ошондой эле ишканалардын жана уюмдардын эсебинен (97,2 пайызы) ишке ашырылды.

**18- таблица: Январь-апрелдеги экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча негизги капиталга инвестициялоо**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | **2016** | **2017** | **2016** | **2017** |
| **Бардыгы** | **24539,7** | **25415,5** | **100** | **100** |
| Айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 230,9 | 132,8 | 0,9 | 0,5 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 5762,3 | 5618,9 | 23,5 | 22,1 |
| Иштетүү өндүрүшү | 1069,9 | 1020,5 | 4,4 | 4,0 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыз кылуу (жабдуу) | 1350,6 | 1742,1 | 5,5 | 6,9 |
| Суу менен жабдуу, калдыктарды тазалоо жана кайра пайдаланылуучу чийки затты алуу | 53,7 | 132,2 | 0,2 | 0,5 |
| Дүң жана чекене соода; автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 1066,7 | 1179,5 | 4,3 | 4,6 |

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 2574,9 | 2034,9 | 10,5 | 8,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын ишмердиги | 429,5 | 1821,1 | 1,8 | 7,2 |
| Маалымат жана байланыш | 565,5 | 832,1 | 2,3 | 3,3 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 10,8 | 9,1 | 0,0 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 105,1 | 6,4 | 0,4 | 0,0 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | - | 108,3 | - | 0,4 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | 1,0 | - | 0,0 | - |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдетүү социалдык камсыздандыруу | 22,0 | 36,7 | 0,1 | 0,1 |
| Билим берүү | 1143,3 | 154,8 | 4,7 | 0,6 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 42,4 | 96,5 | 0,2 | 0,4 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 301,8 | 305,8 | 1,2 | 1,2 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 307,1 | 375,5 | 1,3 | 1,5 |

2017-жылдын январь-апрелинде объекттерге 324,3 млн. сом суммасында капиталдык жана учурдагы оңдотуу иштери жүргүзүлдү, анын ичинен 67,7 пайызы ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен, 15,3 пайызы республикалык бюджеттин эсебинен, 10,6 пайызы жергиликтүү бюджеттин эсебинен, 4,0 пайызы чет өлкөлүк гранттардын жана гуманитардык жардамдардын эсебинен, 2,4 пайызы калктын каражатынын эсебинен каржыланды.

Жалпы аянты 244,8 миң чарчы метр болгон 2101 жеке турак үй *пайдаланууга берилди*, бул 2016-ж. январь-апрелине караганда 16,3 пайызга көп.

2017-жылдын январь-апрелинде жеке турак үйлөрдүн курулушуна (баалоо боюнча) негизги капиталга инвестициянын 3992,3 млн. сому же 2016-ж. январь-апрелинин деңгээлине карата 8,3 пайызга көп пайдаланылды. Өздөштүрүлгөн инвестициянын жалпы көлөмүндө жеке турак жай курулушуна сарпталган каражаттардын үлүшү 15,7 пайызды (2016-ж. январь-апрелинде - 14,9 пайызды) түздү.

Жеке турак жайларды ишке киргизүүнүн негизги үлүшү (жалпы көлөмдүн 71,4 пайызы) Жалал-Абад, Ош, Чүй облустарына жана Бишкек шаарына туура келет.

Айыл жерлеринде 156,1 миң чарчы метр жеке турак жай (киргизүүнүн жалпы көлөмүнүн 63,8 пайызы) ишке киргизилди.

**19-таблица: 2017-жылдын январь-апрелиндеги жеке турак үйлөрдүн аймактар боюнча ишке киргизилиши**

| | Ишке киргизилгени - бардыгы, жалпы аянттын миң ч. м | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **244,8** | **116,3** | **100** |
| Баткен облусу | 16,4 | 112,9 | 6,7 |
| Жалал-Абад облусу | 51,3 | 149,2 | 20,9 |
| Ысык-Көл облусу | 19,5 | 132,4 | 8,0 |
| Нарын облусу | 10,2 | 76,1 | 4,1 |
| Ош облусу | 50,2 | 141,6 | 20,5 |
| Талас облусу | 13,7 | 102,8 | 5,6 |
| Чүй облусу | 42,0 | 105,7 | 17,2 |
| Бишкек ш. | 31,3 | 85,5 | 12,8 |
| Ош ш. | 10,2 | 122,6 | 4,2 |

### Кызмат көрсөтүү рыногу

Чарба жүргүзүүчү субъекттер (юридикалык жана жеке жактар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 2017-ж. январь-апрелинде алдын-ала баалоо боюнча 144,1 млрд. сомду түзүп, 2016-ж. январь-апрелине салыштырганда 1,9 пайызга өстү.

**20-таблица: 2017-жылдын январь-апрелиндеги рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн экономикалык ишмердигинин түрлөрү боюнча көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | | Жыйынтыкка карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бардыгы | анын ичинде калкка | пайыз менен | | | |
| | | | бардыгы | анын ичинде калкка | бардыгы | анын ичинде калкка |
| **Бардыгы** | **144110,1** | **104500,3** | **101,9** | **101,9** | **100** | **100** |
| Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоо | 103854,4 | 74812,1 | 103,7 | 103,0 | 72,1 | 71,6 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 10509,2 | 7673,6 | 103,7 | 107,5 | 7,3 | 7,3 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын ишмердиги | 4642,5 | 4642,5 | 106,9 | 106,9 | 3,2 | 4,4 |
| Маалымат жана байланыш | 9722,9 | 5560,3 | 81,3 | 78,4 | 6,7 | 5,3 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 5588,9 | 4179,5 | 102,3 | 101,8 | 3,9 | 4,0 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 2378,3 | 1592,5 | 99,9 | 99,9 | 1,7 | 1,5 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 1574,6 | 814,3 | 101,7 | 102,3 | 1,1 | 0,9 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | 998,6 | 403,0 | 99,0 | 98,5 | 0,7 | 0,5 |
| Билим берүү | 2092,2 | 2092,2 | 103,5 | 103,5 | 1,5 | 2,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 753,1 | 753,1 | 110,0 | 110,0 | 0,5 | 0,7 |
Үстүбүздөгү жылдын апрелинде мурунку айга салыштырмалуу иштетүү өндүрүшүндөгү өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 101,4 пайызды түздү. Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын жогорулашы башка тамак аш азыктарын - 4,4 пайызга, трикотаждан токулган байпак буюмдарды - 7,5 пайызга, алкоголсуз суусундуктарды; минералдык суу жана башка бөтөлкөдөгү суусундуктарды - 6,5 пайызга, цементти - 2,3 пайызга, негизги металлдарды - 2,2 пайызга, автомобилдердин башка бөлүктөрүн жана ага тиешелүү нерселерди - 1,7 пайызга өндүрүүчү ишканаларында белгиленди.

Муну менен катар ү.ж. апрелинде мурунку айга салыштырмалуу иштетүү өндүрүшүндөгү өндүрүүчүлөрдүн бааларынын төмөндөшү зер буюмдарды (15,1 пайызга), курулуш металл конструкцияларын (5,6 пайызга), кагаз жана картонду (2,1 пайызга), электр жабдууларын (0,9 пайызга), айнек жана айнектен жасалган буюмдарды (0,8 пайызга), ун жана акшакты (0,7 пайызга) өндүрүү ишканаларында байкалды.

Үстүбүздөгү жылдын апрелинде мурунку айга салыштырмалуу электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) чөйрөсүндө өндүрүүчүлөрдүн бааларынын (0,2 пайызга) төмөндөшү, ал эми суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу ишканаларында тескерисинче алардын 0,3 пайызга өсүшү байкалды.

## 3-график: 2017-жылдын керектөө бааларынын индекстери

*(өткөн жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## 4-график: 2017-жылдын өнөр жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери

*(өткөн жылдын декабрына карата пайыз менен)*



**57-таблица: 2017-жылдагы өнөр жай товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери**

*(пайыз менен)*

| | Пайдалуу кендерди казуу | Иштетүү өндүрүшү | Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу |
|---|---|---|---|---|
| | | *Мурунку айга карата* | | |
| Январь | 105,0 | 100,1 | 99,9 | 100,3 |
| Февраль | 101,8 | 102,2 | 100,0 | 100,1 |
| Март | 100,5 | 100,1 | 100,0 | 100,1 |
| Апрель | 94,9 | 101,4 | 99,8 | 100,3 |
| | | *Мурунку жылдын декабрына карата* | | |
| Январь | 105,0 | 100,1 | 99,9 | 100,3 |
| Февраль | 106,9 | 102,3 | 99,9 | 100,3 |
| Март | 107,4 | 102,4 | 99,9 | 100,4 |
| Апрель | 102,0 | 103,8 | 99,7 | 100,7 |

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери өнөр жай товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн өндүрүүчүлөрдүн баалары жалпысынан 3,0 пайызга өстү. Алардын эң көп жогорулашы иштетүү өнөр жай ишканаларында (3,8 пайызга) жана пайдалуу кендерди казууда (2,0 пайызга) катталды.

Ушул жылдын январь-апрелинде өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу өнөр жай товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн өндүрүүчүлөрдүн баалары жалпысынан 0,1 пайызга жогорулады. Муну менен бирге электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) чөйрөсүндө 0,8 пайызга төмөндөшү белгиленди.

**58-таблица: Январь-апрелдеги өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2016 | 2017 |
|---|---|---|
| **Бардыгы** | **109,2** | **100,1** |
| **Пайдалуу кендерди казуу** | **103,1** | **105,8** |
| Таш көмүр жана күрөң көмүр (лигнит) казуу | 99,2 | 103,2 |
| Чийки мунайзатты жана жаратылыш газын казуу | 125,4 | 114,2 |
| Башка пайдалуу кендерди казуу | 98,2 | 98,3 |
| **Иштетүү өндүрүшү** | **107,8** | **100,1** |
| Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки өндүрүү | 97,0 | 103,3 |
| Текстиль өндүрүшү; кийим жана бут кийим, булгаары жана башка булгаарыдан жасалган буюмдарды өндүрүү | 104,0 | 104,4 |
| Жыгач жана кагаз буюмдар өндүрүшү; басмакана ишмердиги | 99,8 | 100,7 |
| Кокс жана тазаланган мунайзат продуктуларын өндүрүү | 82,7 | 98,6 |
| Химиялык продуктуларды өндүрүү | 125,8 | 110,2 |
| Фармацевтикалык продукцияларды өндүрүү | 100,0 | 103,5 |
| Резина жана пластмасса буюмдар, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү | 97,2 | 98,7 |
| Машина жана жабдуулардан башка негизги металлдар жана даяр металл буюмдарды өндүрүү | 115,7 | 98,3 |
| Электр жабдууларын өндүрүү | 103,0 | 97,0 |
| Башка топтошууларга киргизилбеген машина жана жабдууларды өндүрүү | 101,7 | 100,6 |
| Транспорт каражаттарын өндүрүү | 102,3 | 123,2 |
| Башка өндүрүштөр, машина жана жабдууларды орнотуу жана ондоо, | 103,9 | 101,8 |
| **Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу)** | **120,4** | **99,2** |
| **Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу** | **113,8** | **100,7** |

Үстүбүздөгү жылдын апрелинде буудай унуна болгон өндүрүүчүлөрдүн орточо бааларынын төмөндөшү белгиленди.

**59-таблица: 2017-жылдагы өнөр жай продукциясынын айрым түрлөрүн өндүрүүчүлөрдүн орточо баалары**

*(килограмм, тонна, литр, кВт саат үчүн сом менен)*

| | Буудай уну | | Нан | Сүт | Уйдун эти | Цемент | Күрөң көмүр (лигнит) | Электр энергия |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жогорку сорт | биринчи сорт | | | | | | |
| Январь | 24,43 | 18,47 | 31,06 | 38228,08 | 300,00 | 4142,50 | 1375,92 | 1,60 |
| Февраль | 24,53 | 18,53 | 31,26 | 38398,22 | 300,00 | 4142,50 | 1375,92 | 1,60 |
| Март | 24,92 | 18,26 | 31,26 | 38398,45 | 300,00 | 4142,50 | 1375,92 | 1,60 |
| Апрель | 24,31 | 18,07 | 31,84 | 39143,52 | 300,00 | 4236,80 | 1375,92 | 1,60 |

Үстүбүздөгү жылдын апрелинде мурунку айга салыштырганда ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн *байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн* тарифтери мурунку деңгээлинде сакталды.

Үстүбүздөгү жылдын январь-апрелинде өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда почта жана электр *байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн* тарифтеринин жалпысынан 6,4 пайызга жогорулашы белгиленди. Муну менен бирге почта байланышынын тарифтери 9,3 пайызга, электр байланышы - 6,3 пайызга өстү.

**60-таблица Январь-апрелиндеги ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин индекстери**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2016 | 2017 |
|---|---|---|
| **Бардыгы** | **106,0** | **106,4** |
| Почта жана чабарман кызмат көрсөтүүлөрү | 136,7 | 109,3 |
| Электр байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 104,9 | 106,3 |

Транспорттун негизги түрлөрү менен *жүк ташуу* кызмат көрсөтүүлөрүнө болгон тарифтер ү.ж. апрелинде мурунку айга салыштырмалуу 3,1 пайызга төмөндөдү, бул негизинен, алардын темир жол (3,4 пайызга) жана автомобиль (0,1 пайызга) транспорту аркылуу жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн төмөндөшү менен шартталды.

Үстүбүздөгү жылдын январь-апрелинде 2016-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу транспорттун бардык түрлөрү менен жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнө болгон тарифтер 2,4 пайызга төмөндөдү. Муну менен катар алардын автомобиль (3,4 пайызга) жана темир жол (2,4 пайызга) транспорту аркылуу жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин төмөндөшү белгиленди.

**61-таблица: Январь-апрелдеги жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин индексттери**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2016 | 2017 |
|---|---|---|
| **Бардыгы** | **129,0** | **97,6** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | | |
| Темир жол транспорту | 132,2 | 97,6 |
| Автомобиль транспорту | 103,9 | 96,6 |
| Суу транспорту | 100,0 | 100,0 |
| Аба транспорту | 90,4 | 100,2 |

## Мамлекеттик сектор

### Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казынасынын маалыматтары боюнча ү.ж. I кварталында *мамлекеттик бюджет* 813,8 млн. сом же ИДПга карата 0,9 пайыз өлчөмүндө *акча каражаттарынын таңсыктыгы* менен аткарылды.

Ушул жылдын башынан бери *мамлекеттик бюджеттин кирешелерине* (финансылык эмес активдерди сатуудан алынган каражаттарды кошкондо) түшүүлөр өткөн жылдын I кварталына салыштырганда 1356,4 млн. сомго же 4,2 пайызга көбөйүп, 31027,3 млн. сомду (ИДПга карата 36 пайыз)[1] түздү.

**62-таблица: Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**

*(млн. сом)*

| | Кирешелер | | Чыгымдар | | Акча каражаттарынын таңсыктыгы (-), профицити | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| Январь | 7 445,9 | 8 260,0 | 7 279,1 | 5 955,6 | 166,8 | 2 304,4 |
| Январь-февраль | 19 078,5 | 17 723,4 | 17 200,1 | 18 796,0 | 1 878,4 | -1 072,6 |
| Январь-март | 32 383,7 | 31 027,3 | 29 672,1 | 31 841,1 | 2 711,6 | -813,8 |

Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүндөгү алынган салыктык эмес кирешелер - 8,9 пайыздык пунктка (71,7 пайызга) көбөйүп, ошол эле убакта расмий трансферттердин кирешелеринин үлүшү 7,0 пайыздык пунктту же 4,1 пайызга төмөндөдү, салыктык эмес кирешелер 4,2 пайыздык пунктту (21,8 пайызы) түздү.

Салыктык кирешелердин көлөмү 22250,5 млн. сом өлчөмүндө түзүлдү, алардын ичинен 15964,2 млн. сомун же 71,7 пайызын ички салыктар, 6286,3 млн. сомун (28,3 пайызын) тышкы экономикалык ишмердиктен түшкөн салыктар түздү. Өткөн жылдын I кварталына салыштырганда салыктык кирешелердин түшүүсүнүн өсүүсү 9,4 пайызды түздү, анын ичинде ички салыктар - 9,6 пайызды, ал эми тышкы экономикалык ишмердик - 9,1 пайызды түздү.

Салыктык түшүүлөрдүн маанилүү бөлүгү негизги салыктарга - Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарлардын кошумча нарк салыгына (9128,5 млн. сому же 41 пайызы), эл аралык соода жана операцияларга болгон салыктарга (3381,5 млн. же 15,2 пайызы), ошондой эле Кыргыз Республикасынын жеке адамдары - резиденттери төлөгөн киреше салыгына (2132,2 млн. сому же 9,6 пайызы) туура келди. Мындан тышкары акциздык салыктан 1647,8 млн. сом (түшкөн салыктардын бардык суммасынын 7,4 пайызы), “Кумтөр” кен казуу ишканаларынын дүң киреше салыгынан - 1606,2 млн. сом (7,2 пайыз), киреше салыгынан 1417,5 млн. (6,4 пайыз) түштү.

Өткөн жылдын I кварталына салыштырганда киреше салыгынын эң көп 1,8 эсеге өсүүсү жер астындагы кендерди пайдалануудан түшкөн салык, 1,4 эсеге «Кумтөр» кен казуу ишканаларынын дүң кирешесинин салыгынын түшүүлөрү, кошумча нарк салыгынан - 16,2 пайызга, эл аралык соода жана операцияларга болгон салыктардын эсебинен - 15,7 пайызы камсыздалды, менчиктен түшкөн салыктан - 15,2 пайызга, пайда салыгынан - 10,3 пайызы, Кыргыз Республикасынын жеке адамдары - резиденттери төлөгөн киреше салыгынан - 9,0 пайызы, патенттин негизиндеги салыктан - 4,4 пайызы камсыздалды. Муну менен бирге ушул эле мезгилде сатуудан түшкөн салыктар 44,7 пайызга, акциздик салык - 6,2 пайызга төмөндөдү.

[1] Бул жерде жана мындан ары - мамлекеттик бюджет, буга мамлекеттик башкаруунун ар кайсы деңгээлдеринин ортосундагы өз ара эсептөөлөр кошулбайт.

Быйылкы жылдын I кварталында салыктык эмес төлөмдөрдөн 6764 млн. сому алынды же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине караганда (19,6 пайызга) аз, бул менчиктен жана пайыздардан алынган кирешелердин (36 пайызга) төмөндөөсү менен шартталды. Ушундай эле кирешелер салыктык эмес төлөмдөрдүн негизги көлөмүн - 3434,3 млн. сомун же 50,8 пайызга жакынын түздү.

Ушул эле мезгилде расмий трансферттер 1284,6 млн. сом өлчөмүндө алынды, бул өткөн жылдын I кварталында түшкөн мындай трансферттердин суммасынан 35,7 пайызга ашты.

Ушул жылдын башынан бери мамлекеттик бюджеттин кирешелерине социалдык муктаждыкка төгүмдөр/чегерүүлөр 720,9 млн. сом өлчөмүндө түшкөн жана финансылык эмес активдерди сатуудан 7,3 млн. сом түштү.

**63-таблица: Январь-марттагы мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин түзүмү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата | | ИДПга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | пайыз менен | | | |
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| **Кирешелер** | **32383,7** | **31027,3** | **100** | **100** | **40,7** | **36,0** |
| **Операциялык ишмердиктен түшкөн кирешелер** | **32337,9** | **31020,0** | **99,9** | **100,0** | **40,6** | **36,0** |
| **Салыктык кирешелер** | **20329,8** | **22250,5** | **62,8** | **71,7** | **25,5** | **25,8** |
| Киреше жана пайда салыгы | 5226,6 | 6112,7 | 16,1 | 19,7 | 6,6 | 7,1 |
| Кыргыз Республикасынын жеке адамдары - резиденттери төлөгөн киреше салыгы | 1955,6 | 2132,2 | 6,0 | 6,9 | 2,5 | 2,5 |
| Кыргыз Республикасынын резиденттери эмес адамдары төлөгөн киреше салыгы | 281,0 | 342,7 | 0,9 | 1,1 | 0,4 | 0,4 |
| пайда салыгы | 1285,2 | 1417,5 | 4,0 | 4,6 | 1,6 | 1,6 |
| бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр | 49,7 | 53,0 | 0,2 | 0,2 | 0,1 | 0,1 |
| патенттик негиздеги салык | 537,1 | 561,0 | 1,7 | 1,8 | 0,7 | 0,7 |
| «Кумтөр» кен казуу ишканалардын дүң кирешесинин салыгы | 1118,1 | 1606,2 | 3,5 | 5,2 | 1,4 | 1,9 |
| Менчиктен түшкөн салык | 601,5 | 692,8 | 1,9 | 2,2 | 0,8 | 0,8 |
| мүлккө салык | 346,3 | 384,2 | 1,1 | 1,2 | 0,4 | 0,4 |
| жер салыгы | 255,2 | 308,6 | 0,8 | 1,0 | 0,3 | 0,4 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн салыгы | 11579,3 | 12060,7 | 35,8 | 38,9 | 14,5 | 14,0 |
| кошумча нарк салыгы | 7854,6 | 9128,5 | 24,3 | 29,4 | 9,9 | 10,6 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн КНС | 2415,0 | 2840,1 | 7,5 | 9,2 | 3,0 | 3,3 |
| Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарлардын КНС | 5439,6 | 6288,5 | 16,8 | 20,3 | 6,8 | 7,3 |
| сатуудан салык | 1812,3 | 1001,9 | 5,6 | 3,2 | 2,3 | 1,2 |
| акциздик салык | 1757,4 | 1647,8 | 5,4 | 5,3 | 2,2 | 1,9 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарлардын акциздик салыгы | 346,9 | 374,3 | 1,1 | 1,2 | 0,4 | 0,4 |
| Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарлардын акциздик салыгы | 1410,4 | 1273,5 | 4,4 | 4,1 | 1,8 | 1,5 |
| жер астындагы кендерди пайдалануудан түшкөн салык | 154,9 | 282,4 | 0,5 | 0,9 | 0,2 | 0,3 |
| Эл аралык соодадан жана операциялардан түшкөн салык | 2922,5 | 3381,5 | 9,0 | 10,9 | 3,7 | 3,9 |
| Башка салыктар жана жыйымдар | -0,1 | 2,8 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата | | ИДПга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | пайыз менен | | | |
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| **Социалдык муктаждыкка төгүмдөр/чегерүүлөр** | **-** | **720,9** | **-** | **2,3** | **-** | **0,8** |
| **Алынган расмий трансферттер** | **3596,6** | **1284,6** | **11,1** | **4,1** | **4,5** | **1,5** |
| **Салыктык эмес кирешелер** | **8411,5** | **6764,0** | **26,0** | **21,8** | **10,6** | **7,9** |
| Менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар | 5364,1 | 3434,3 | 16,6 | 11,1 | 6,7 | 4,0 |
| Административдик жыйымдар, төлөмдөр жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 2771,3 | 2630,7 | 8,6 | 8,5 | 3,5 | 3,1 |
| административдик жыйымдар жана төлөмдөр | 330,8 | 496,4 | 1,0 | 1,6 | 0,4 | 0,6 |
| акылуу көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр | 2440,5 | 2134,3 | 7,5 | 6,9 | 3,1 | 2,5 |
| **Финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн киреше** | **45,8** | **7,3** | **0,1** | **0,0** | **0,1** | **0,0** |

Үстүбүздөгү жылдын I кварталында *мамлекеттик бюджеттин чыгымдары* (финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдарды кошкондо) 31841,1 млн. сомду же ИДПга карата 36,9 пайызды түздү, өткөн жылдын I кварталына салыштырганда 2169 млн. сомго же 7,3 пайызга өстү.

Социалдык-маданий чөйрөнү каржылоого кеткен операциялык чыгымдар – 12,7 пайызга, мамлекеттик кызматтарга, коргоо, коомдук тартипке жана коопсуздукка кеткен операциялык чыгымдар - 1,5 пайызга өстү, ал эми айлана-чөйрөнү коргоого тескерисинче - 42,2 пайызга төмөндөдү, экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө кеткен операциялык чыгымдар - 10,3 пайызга төмөндөдү.

Мурункудай эле мамлекеттик бюджеттин операциялык чыгымдарынын негизги бөлүгү социалдык-маданий чөйрөгө 17728 млн. сому (67,8 пайызы) жана мамлекеттик кызматтарга, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка - 7008,8 млн. сому (26,8 пайызы) багытталды.

Бюджеттик каражаттардын 30263,2 млн. сому же мамлекеттик бюджеттин чыгымдарынын бардык көлөмүнүн 95 пайызы, атайын каражаттардын - 1577,9 млн. сому же 5 пайызы пайдаланылды.

Бюджеттик каражаттарды пайдалануунун негизги багыттары катары эмгек акыны төлөө - 9934,7 млн. сому же 32,8 пайызы, социалдык жөлөкпулдарды төлөө - 6288,1 млн. сому (20,8 пайызы) жана финансылык эмес активдерди алуу - 5472,5 млн.сому (18,1 пайызы) болуп саналды. Мындан тышкары товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жана пайдаланууга - 5222,6 млн. сому (17,3 пайыз), субсидияларды берүүгө - 1625,8 млн. сом (5,4 пайыз), пайыздарды төлөөгө - 1490,7 млн. (4,9 пайызы), башка чыгымдарга, - 127,3 млн. сом (0,4 пайызы), гранттарга - 101,5 млн. сому (0,3 пайыз) багытталды.[1]

**64-таблица: Январь-марттагы мамлекеттик бюджеттин чыгымдарынын түзүмү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата | | ИДПга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | пайыз менен | | | |
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| **Чыгымдар** | **29672,1** | **31841,1** | **100** | **100** | **37,3** | **36,9** |
| **Операциялык ишмердикти ишке ашырууга кеткен чыгымдар** | **24283,5** | **26164,4** | **81,8** | **82,2** | **30,5** | **30,4** |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 3516,1 | 3537,1 | 11,8 | 11,1 | 4,4 | 4,1 |
| Коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук | 3391,2 | 3471,7 | 11,4 | 10,9 | 4,3 | 4,0 |

[1] Атайын каражаттардын чыгымдары экономикалык классификация боюнча 2017-ж. январь-декабрындагы такталган отчетунда гана көрсөтүлөт.

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата | | ИДПга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | пайыз менен | | | |
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| Экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 1506,3 | 1350,8 | 5,1 | 4,2 | 1,9 | 1,6 |
| Айлана-чөйрөнү коргоо | 133,1 | 76,9 | 0,4 | 0,2 | 0,2 | 0,1 |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1131,6 | 1511,4 | 3,8 | 4,7 | 1,4 | 1,8 |
| Саламаттыкты сактоо | 2456,8 | 2583,4 | 8,3 | 8,1 | 3,1 | 3,0 |
| Эс алуу, маданият жана дин | 575,9 | 632,5 | 1,9 | 2,0 | 0,7 | 0,7 |
| Билим берүү | 5148,4 | 6445,8 | 17,4 | 20,2 | 6,5 | 7,5 |
| Социалдык коргоо | 6424,0 | 6554,9 | 21,6 | 20,6 | 8,1 | 7,6 |
| **Финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар** | **5388,7** | **5676,7** | **18,2** | **17,8** | **6,8** | **6,6** |
| **Операциялык ишмердиктен алынган акча каражаттарынын таза келүү агымы** | **8054,4** | **4855,6** | **100** | **100** | **10,1** | **5,6** |
| Финансылык эмес активдерге салымдарды киргизүүнүн натыйжасында акча каражаттарынын таза кетүү агымы | 5342,9 | 5669,4 | - | - | 6,7 | 6,6 |
| **Акча каражаттарынын таңсыктыгы (-), профицити** | **2711,6** | **-813,8** | **100** | **100** | **3,4** | **-0,9** |

*Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү* (финансылык эмес активдерди сатуудан алынган каражаттарды кошкондо) ү.ж. I кварталында 27528,5 млн. сом суммасында аткарылды, бул өткөн жылдын I кварталындагы түшүүлөрдүн көлөмүнөн 1161,4 млн. сомго же 4 пайызга аз болду. Ошол эле убакта *республикалык бюджеттин чыгымдары* (финансылык эмес активдерди сатуудан алынган каражаттарды кошкондо) 2668,4 млн. сомго же 9,8 пайызга өсүп, 29837,1 млн. сомду түздү.

Кирешелердин жалпы суммасындагы салыктык түшүүлөр 19348,1 млн. сомду (70,3 пайызды) түзүп ү.ж. I кварталына салыштырмалуу 12,3 пайызды түздү, Ошол эле убакта салыктык эмес түшүүлөрдүн көлөмү - 6174,4 млн. сомду (жалпы кирешенин 22,4 пайызы) - 12,3 пайызга, расмий трансферттер - 1284,6 млн. сомду жана жалпы кирешенин 4,7 пайызы) же 64,3 пайызды түздү.

**65-таблица: Республикалык бюджеттин аткарылышы**
*(млн. сом)*

| | Кирешелер | | Чыгымдар | |
|---|---|---|---|---|
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| Январь | 6277,8 | 7177,0 | 7009,1 | 5580,7 |
| Январь-февраль | 16727,2 | 15539,3 | 15934,1 | 17627,5 |
| Январь-март | 28689,9 | 27528,5 | 27168,7 | 29837,1 |

Республикалык бюджеттин кирешелеринин негизги көлөмү - 33,2 пайызы (9128,5 млн. сому) кошумча нарк салыгынын, 12,3 пайызы (3381,5 млн.) - эл аралык соодадан жана операциялардан түшкөн салыктын, 6,9 пайызы (1909,9 млн.) - акылуу көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн, 6,0 пайызы (1647,8 млн.) - акциздик салыктын, 5,8 пайызы (1606,2 млн.) «Кумтөр» кен казуу ишканаларынын дүң кирешесинин, 5,1 пайызы (1417,5 млн.) - пайда салыгынын, 3,9 пайызы (1066,1 млн.) - Кыргыз Республикасынын жеке адамдары - резиденттери төлөгөн киреше салыгынын, 1,8 пайызы (501 млн. сому) - сатуудан түшкөн салыктын эсебинен алынды.

Операциялык чыгымдарды жүргүзүү үчүн каражаттардын маанилүү бөлүгү - 62,5 пайызы же 15258,9 млн. сому социалдык-маданий чөйрөгө жана жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка - 32 пайызы же 7800,3 млн. сому багытталды. Мындан тышкары операциялык чыгымдардын 1255 млн. сому же 5,2 пайызы экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө кеткен чыгымдар жана 76,9 млн. сому (0,3 пайызы) айлана-чөйрөнү коргоого кеткен чыгымдар ээледи.

**66-таблица: Январь-марттагы республикалык бюджеттин түзүмү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| **Кирешелер** | **28689,9** | **27528,5** | **100** | **100** |
| **Операциялык ишмердиктен түшкөн кирешелер** | **28689,1** | **27528,0** | **100** | **100** |
| **Салыктык кирешелер** | **17231,2** | **19348,1** | **60,1** | **70,3** |
| Киреше жана пайда салыгы | 3662,1 | 4432,6 | 12,8 | 16,1 |
| Кыргыз Республикасынын жеке адамдары – резиденттери төлөгөн киреше салыгы | 977,8 | 1066,1 | 3,4 | 3,9 |
| Кыргыз Республикасынын резиденттери эмес адамдары төлөгөн киреше салыгы | 281,0 | 342,7 | 1,0 | 1,2 |
| пайда салыгы | 1285,2 | 1417,5 | 4,5 | 5,1 |
| «Кумтөр» кен казуу ишканалардын дүң кирешесинин салыгы | 1118,1 | 1606,2 | 3,9 | 5,8 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн салыгы | 10646,9 | 11531,3 | 37,1 | 41,9 |
| кошумча нарк салыгы | 7854,6 | 9128,5 | 27,4 | 33,2 |
| сатуудан салык | 906,3 | 501,0 | 3,2 | 1,8 |
| акциздик салык | 1757,4 | 1647,8 | 6,1 | 6,0 |
| жер астындагы кендерди пайдалануудан түшкөн салык | 128,6 | 254,0 | 0,4 | 0,9 |
| Эл аралык соодадан жана операциялардан түшкөн салык | 2922,5 | 3381,5 | 10,2 | 12,3 |
| **Социалдык муктаждыкка төгүмдөр/чегерүүлөр** | **-** | **720,9** | **-** | **2,6** |
| **Алынган расмий трансферттер** | **3596,6** | **1284,6** | **12,5** | **4,7** |
| **Салыктык эмес кирешелер** | **7861,4** | **6174,4** | **27,4** | **22,4** |
| Менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар | 5128,4 | 3172,5 | 17,9 | 11,5 |
| Административдик жыйымдар, төлөөлөр жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 2503,2 | 2370,4 | 8,7 | 8,6 |
| административдик жыйымдар жана төлөөлөр | 263,9 | 460,6 | 0,9 | 1,7 |
| Акылуу көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр | 2239,3 | 1909,9 | 7,8 | 6,9 |
| **Финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн киреше** | **0,8** | **0,5** | **0,0** | **0,0** |
| **Чыгымдар** | **27168,7** | **29837,1** | **100** | **100** |
| **Операциялык ишмердикти ишке ашырууга кеткен чыгымдар** | **22008,1** | **24391,1** | **81,0** | **81,7** |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 3448,7 | 4341,5 | 12,7 | 14,6 |
| Коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук | 3380,6 | 3458,7 | 12,4 | 11,6 |
| Экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 1418,5 | 1255,0 | 5,2 | 4,2 |
| Айлана-чөйрөнү коргоо | 133,1 | 76,9 | 0,5 | 0,3 |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 492,9 | 720,5 | 1,8 | 2,4 |
| Саламаттыкты сактоо | 2407,9 | 2527,8 | 8,9 | 8,5 |
| Эс алуу, маданият жана дин | 411,3 | 454,4 | 1,5 | 1,5 |
| Билим берүү | 4030,0 | 5143,2 | 14,8 | 17,2 |
| Социалдык коргоо | 6285,1 | 6413,0 | 23,1 | 21,5 |
| **Финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар** | **5160,6** | **5446,0** | **19,0** | **18,3** |

*Жергиликтүү бюджеттин кирешелери* ү.ж. I кварталында (финансылык эмес активдерди сатуудан алынган каражаттарды кошкондо) өткөн жылдын I кварталына салыштырганда 16,5 пайызга (684,7 млн. сомго) көбөйүп, 4832,4 млн. сомдү түздү. Муну менен бирге менчиктен түшкөн кирешелер (салыктык, салыктык эмес жана финансылык эмес активдерди сатуудан) 5,3 пайызга, алынган расмий трансферттер 3 эсе өстү.

Кыргыз Республикасынын жеке адамдары - резиденттери төлөгөн киреше салыкка - бардык кирешелердин 22,1 пайызы (1066,1 млн. сому), сатуудан алынган салыкка - 10,4 пайызы (501 млн.), менчиктен түшкөн салыкка - 14,3 пайызы (692,8 млн.), патенттик негиздеги салыкка - 11,6 пайызы (561 млн.), жергиликтүү бюджетке берилген гранттарга - 9,8 пайызы (472,2 млн.), акылуу көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөргө - 4,6 пайызы (224,4 млн. сому) туура келди.

**67-таблица: Жергиликтүү бюджеттин аткарылышы**
*(млн. сом)*

| | Кирешелер | | Чыгымдар | |
|---|---|---|---|---|
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| Январь | 1344,8 | 1281,3 | 446,6 | 573,1 |
| Январь-февраль | 2654,4 | 2677,5 | 1569,2 | 1661,9 |
| Январь-март | 4147,7 | 4832,4 | 2957,4 | 3337,7 |

Үстүбүздөгү жылдын I кварталында *жергиликтүү бюджеттин чыгымдары* (финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен каражаттарды кошкондо) 3337,7 млн. сомду түздү жана өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 380,3 млн. сомго же 12,9 пайызга көбөйдү. Операциялык чыгымдарда мурункудай эле социалдык-маданий чөйрөгө жумшалган каражаттардын үлүшүнүн - 79,5 пайызы же 2469,1 млн. сому басымдуулук кылат. Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка 542,2 млн. сом (17,4 пайыз), экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө - 95,7 млн. сом (3,1 пайыз) сарпталды.

**68-таблица: Январь-марттагы жергиликтүү бюджеттин түзүмү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| **Кирешелер** | **4147,7** | **4832,4** | **100** | **100** |
| **Операциялык ишмердиктен түшкөн кирешелер** | **4102,6** | **4825,7** | **98,9** | **99,9** |
| **Салыктык кирешелер** | **3098,6** | **2902,4** | **74,7** | **60,1** |
| Киреше жана пайда салыгы | 1564,6 | 1680,1 | 37,7 | 34,8 |
| Кыргыз Республикасынын жеке адамдары - резиденттери төлөгөн киреше салыгы | 977,8 | 1066,1 | 23,6 | 22,1 |
| бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр | 49,7 | 53,0 | 1,2 | 1,1 |
| патенттик негиздеги салык | 537,1 | 561,0 | 12,9 | 11,6 |
| Менчиктен түшкөн салык | 601,5 | 692,8 | 14,5 | 14,3 |
| мүлккө салык | 346,3 | 384,2 | 8,3 | 8,0 |
| жер салыгы | 255,2 | 308,6 | 6,2 | 6,4 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн салыгы | 932,4 | 529,4 | 22,5 | 11,0 |
| сатуудан салык | 906,0 | 501,0 | 21,8 | 10,4 |
| жер астындагы кендерди пайдалануудан түшкөн салык | 26,3 | 28,4 | 0,6 | 0,6 |
| Башка салыктар жана жыйымдар | 0,2 | 0,1 | 0,0 | 0,0 |
| **Алынган расмий трансферттер** | **453,9** | **1333,6** | **10,9** | **27,6** |
| **Салыктык эмес кирешелер** | **550,1** | **589,6** | **13,3** | **12,2** |
| Менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар | 235,7 | 261,8 | 5,7 | 5,4 |
| Товарларды сатуудан жана кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүүдөн түшкөн кирешелер | 268,1 | 260,3 | 6,5 | 5,4 |
| административдик жыйымдар жана төлөөлөр | 66,9 | 35,8 | 1,6 | 0,7 |
| Акылуу көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр | 201,2 | 224,4 | 4,9 | 4,6 |
| **Финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелер** | **45,0** | **6,7** | **1,1** | **0,1** |
| **Чыгымдар** | **2957,4** | **3337,7** | **100** | **100** |
| **Операциялык ишмердикти ишке ашырууга кеткен чыгымдар** | **2729,3** | **3107,0** | **92,3** | **93,1** |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 521,3 | 529,2 | 17,6 | 15,9 |
| Коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук | 10,6 | 13,0 | 0,4 | 0,4 |
| Экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 87,8 | 95,7 | 3,0 | 2,9 |
| Айлана-чөйрөнү коргоо | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 638,8 | 790,9 | 21,6 | 23,7 |
| Саламаттыкты сактоо | 48,8 | 55,6 | 1,7 | 1,7 |
| Эс алуу, маданият жана дин | 164,6 | 178,1 | 5,6 | 5,3 |
| Билим берүү | 1118,4 | 1302,6 | 37,8 | 39,0 |
| Социалдык коргоо | 138,8 | 141,9 | 4,7 | 4,3 |
| **Финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар** | **228,1** | **230,7** | **7,7** | **6,9** |

Быйылкы жылдын I кварталында жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгү менчик түшүүлөрдөн (салыктык жана салыктык эмес, финансылык эмес активдерди сатуудан алынган түшүүлөрдөн) - Ысык-Көл облусу боюнча 82 пайызына - Нарын облусу боюнча 45 пайызына чейин түзүлдү. Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда менчик түшүүлөр Баткен жана Ош облусунда 12,2 пайызга көбөйдү, Талас облусунда - 7,0 пайызга, Ош ш. - 1,6 пайызга өстү, калган аймактарда менчик түшүүлөрдүн 10 дон 6 пайызга чейин төмөндөшү белгиленген.

Расмий трансферттер бардык региондордон алынды, ал эми жалпы кирешедеги алардын үлүшү Ысык-Көл облусунда 18 пайызды, Нарын облусунда 55 пайызды түздү. Өткөн жылдын I кварталына салыштырганда алынган расмий трансферттердин суммасы Бишкек ш. 5 эсеге, Чүй облусунда - 4,5 эсеге, Ош шаарында - 3,8 эсеге, Талас облусунда - 1,8 эсеге, Жалал-Абад, Баткен облустарында - 1,4 эсеге, Ысык-Көл жана Ош облусунда - 1,3 эсеге, Нарын облусунда -1,2 эсеге өстү.

**69-таблица: Январь-марттагы жергиликтүү бюджеттердин аймактар боюнча кирешелери**
*(млн. сом)*

| | Киреше - бардыгы | анын ичинде | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | салыктык кирешелер | алынган расмий трансферттер | салыктык эмес кирешелер | финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн кирешелер |
| | | | ***2016*** | | |
| Баткен облусу | 173,8 | 98,5 | 52,2 | 21,8 | 1,4 |
| Жалал-Абад облусу | 478,8 | 274,9 | 92,4 | 110,9 | 0,5 |
| Ысык-Көл облусу | 280,0 | 183,0 | 36,0 | 32,5 | 28,5 |
| Нарын облусу | 168,4 | 65,1 | 79,3 | 23,9 | 0,1 |
| Ош облусу | 384,9 | 216,6 | 115,3 | 52,7 | 0,3 |
| Талас облусу | 93,4 | 53,8 | 20,3 | 19,3 | - |
| Чүй облусу | 544,7 | 426,5 | 33,5 | 70,7 | 14,1 |
| Бишкек ш. | 1782,3 | 1590,5 | - | 191,8 | - |
| Ош ш. | 241,3 | 189,8 | 25,0 | 26,6 | - |
| | | | ***2017*** | | |
| Баткен облусу | 209,2 | 101,0 | 72,7 | 34,6 | 1,0 |
| Жалал-Абад облусу | 511,4 | 260,7 | 165,1 | 84,2 | 1,4 |
| Ысык-Көл облусу | 266,4 | 180,4 | 47,7 | 37,7 | 0,6 |
| Нарын облусу | 180,9 | 60,4 | 98,8 | 21,7 | - |
| Ош облусу | 453,7 | 225,2 | 151,2 | 76,0 | 1,2 |
| Талас облусу | 114,2 | 50,4 | 36,0 | 27,7 | 0,1 |
| Чүй облусу | 633,4 | 394,2 | 150,3 | 86,4 | 2,4 |
| Бишкек ш. | 2149,8 | 1442,5 | 518,2 | 189,1 | - |
| Ош ш. | 313,5 | 187,7 | 93,6 | 32,2 | - |

Ушул жылдын I кварталында региондордун жергиликтүү бюджеттеринин операциялык ишмердиктерди жүргүзүүгө кеткен каражаттардын ичинен 51 пайызынан 92 пайызына чейин социалдык-маданий чөйрөгө, 4төн 49 пайызга чейин жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга, коргоо, коомдук тартипке жана коопсуздукка багытталды. Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда социалдык-маданий чөйрөгө жумшалган чыгымдар Талас облусунда 1,4 эсеге, Бишкек ш. - 24,2 пайызга, Баткен облусунда 15,2 пайызга, Чүй облусунда -8,3 пайызга, Ош. ш. - 7,8 пайызга жана Нарын облусунда - 6,9 пайызга өстү, Жалал-Абад жана Ысык-Көл обслустарында мындай чыгымдар ү.ж. I кварталындагы деңгээлинде калды.

Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка кеткен чыгымдар Ысык-Көл жана Ош облустарында 13 пайызга, Нарын облусунда - 12,6 пайызга, Талас облусунда - 7,7 пайызга, Чүй облусунда - 3,3 пайызга өстү, ал эми калган региондордо мындай чыгымдар төмөндөдү.

**70-таблица: Январь-марттагы жергиликтүү бюджеттердин аймактар боюнча чыгымдары**
*(млн. сом)*

| | Чыгым - бардыгы | анын ичинде | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук | экономикалык ишмердик менен байланышкан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | социалдык-маданий чөйрө | финансылык активдерди сатып алуу |
| | | | *2016* | | | |
| Баткен облусу | 127,5 | 47,3 | 0,4 | 0,1 | 63,7 | 16,0 |
| Жалал-Абад облусу | 317,4 | 104,1 | 1,1 | 6,4 | 162,9 | 42,8 |
| Ысык-Көл облусу | 172,5 | 43,3 | 0,7 | 2,1 | 111,5 | 14,8 |
| Нарын облусу | 101,7 | 46,0 | - | - | 51,0 | 4,7 |
| Ош облусу | 221,1 | 85,6 | - | 6,5 | 101,4 | 27,6 |
| Талас облусу | 56,9 | 23,1 | 0,2 | - | 32,2 | 1,3 |
| Чүй облусу | 375,0 | 86,9 | 0,6 | 0,7 | 239,2 | 47,7 |
| Бишкек ш. | 1373,0 | 59,7 | 6,9 | 56,3 | 1197,0 | 53,1 |
| Ош ш. | 212,3 | 25,2 | 0,7 | 15,6 | 150,5 | 20,2 |
| | | | *2017* | | | |
| Баткен облусу | 133,7 | 46,1 | 0,3 | 0,1 | 73,4 | 13,9 |
| Жалал-Абад облусу | 290,2 | 104,1 | 0,7 | 5,5 | 162,9 | 16,9 |
| Ысык-Көл облусу | 188,2 | 49,2 | 0,5 | 4,7 | 111,7 | 22,1 |
| Нарын облусу | 110,8 | 51,8 | - | - | 54,5 | 4,5 |
| Ош облусу | 247,7 | 95,8 | 0,9 | 3,7 | 113,4 | 34,0 |
| Талас облусу | 72,4 | 24,9 | 0,2 | 0,0 | 45,2 | 2,0 |
| Чүй облусу | 376,2 | 89,5 | 0,9 | 0,7 | 259,1 | 26,1 |
| Бишкек ш. | 1721,4 | 53,1 | 9,0 | 66,5 | 1486,6 | 106,3 |
| Ош ш. | 197,2 | 14,8 | 0,6 | 14,7 | 162,2 | 4,9 |

## Тышкы сектор

**Товарлардын тышкы соодасы**. Кыргыз Республикасынын *тышкы соода жүгүртүүсү* алдын ала маалыматтар боюнча (бажы статистикасынын маалыматтарынын негизинде) 2017-ж. январь-мартында 1304,1 млн. АКШ долларын түздү жана 2016-ж. январь-мартына салыштырганда 19,2 пайызга өстү.

Экспорттук жөнөтүүлөр[1] 28,5 пайызга өсүп, 433,4 млн. АКШ долларын түздү, бул КМШдан тышкаркы өлкөлөргө товарларды ташуунун көлөмүнүн 33,9 пайызга, КМШ өлкөлөргө 22,5 көбөйүшү менен шартталды.

Импорттук түшүүлөр[2] 2016-жылдын январь-мартына салыштырмалуу 15,0 пайызга көбөйүп, 870,7 млн. АКШ долларын түздү, бул КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн келген түшүүлөр 18,0 пайызга жана КМШ өлкөлөрүнөн келген түшүүлөрдүн 11,5 пайызга өсүшү менен шартталды.

Товар жүгүртүүнүн түзүмүндөгү экспорттун үлүшүнө 33,2 пайызы, импорттун үлүшүнө - 66,8 пайызы туура келди.

Евразия экономикалык биримдигине (ЕАЭБ) кирген өлкөлөргө республиканын соода жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүнүн 39,8 пайызы, экспорттун 37,9 пайызы, импорттун 40,7 пайызы туура келди.

2017-жылдын январь-мартында соода балансынын терс сальдосу 473,3 млн. АКШ долларын (2016-ж. январь-мартында - 419,8 млн. долларды) түздү.

Товарлардын экспортунун көлөмү, алтынды эсептебегенде, 18,9 пайызга көбөйүп, 282,9 млн. долларды түздү.

[1] ФОБ баасы боюнча экспорт – экспортту жөнөтүүчү өлкөнүн чек арасына чейин жүктү жеткирүүгө кеткен бардык чыгымдарды жана анын наркын кошкондогу товардын баасы.
[2] СИФ баасы боюнча импорт – импортту жөнөтүүчү өлкөнүн чек арасына чейин камсыздоо жана транспорттоого кеткен бардык чыгымдарды жана анын наркын кошкондогу товардын баасы.

**71-таблица: 2017-жылдын январь-мартындагы тышкы сооданын жүгүртүлүшү**

| | Тышкы соода жүгүртүү - бардыгы | | | анын ичинде | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | экспорт | | | импорт | | |
| | млн. АКШ дол-лары | мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | мурунку айга карата пайыз менен | млн. АКШ дол-лары | мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | мурунку айга карата пайыз менен | млн. АКШ дол-лары | мурунку жылдын тийиштүү айына карата пайыз менен | Мурунку айга карата пайыз менен |
| **2016** | | | | | | | | | |
| Январь | 340,0 | 78,9 | 67,4 | 102,0 | 66,5 | 53,3 | 238,0 | 85,2 | 75,3 |
| Февраль | 370,2 | 92,1 | 108,4 | 138,2 | 136,2 | 135,5 | 232,0 | 77,2 | 97,5 |
| Март | 384,1 | 81,2 | 103,7 | 97,1 | 69,4 | 70,3 | 287,0 | 86,2 | 123,7 |
| Январь-март | 1094,3 | 83,4 | - | 337,3 | 86,3 | - | 757,1 | 82,1 | - |
| **2017** | | | | | | | | | |
| Январь | 360,0 | 105,9 | 67,6 | 91,2 | 89,4 | 43,7 | 268,8 | 112,9 | 83,0 |
| Февраль | 403,3 | 108,9 | 112,0 | 144,0 | 104,2 | 157,9 | 259,3 | 111,8 | 96,5 |
| Март | 540,8 | 141,9 | 134,1 | 198,1 | 204,0 | 137,6 | 342,7 | 119,4 | 132,2 |
| Январь-март | 1304,1 | 119,2 | - | 433,4 | 128,5 | - | 870,7 | 115,0 | - |

2017-жылдын январь-мартында республика дүйнөнүн 115 өлкөсү менен соода жүргүздү. Товарлар 70 өлкөгө жөнөтүлүп, ал эми 108 өлкөдөн товарлар алып келинди.

Экспорттун жалпы көлөмүнүн 35,0 пайызын ээлеген Швейцарияга, ЕАЭБге мүчө өлкөлөр (37,9 пайызын) негизги экспорттоочу өлкөлөр болуп саналды, анын ичинен Россиянын - 54,0 пайызды түздү, Казакстандыкы үлүшү 46,0 пайызды.

Товарларлар көбүнчө ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдөн импорттолду, алардын үлүшүнө ташылып келинген товарлардын жалпы көлөмүнүн 40,7 пайызы туура келди, анын ичинен Россиянын үлүшү 64,4 пайызды, Казакстандыкы - 46,0 пайызды түздү.

ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдөн тышкары импорт боюнча өнөктөш өлкөлөр Кытай (импорттун жалпы көлөмүнүн 31,8 пайызы), АКШ (5,9 пайыз), Түркия (5,2 пайыз) болду.

**72-таблица: 2017-жылдын январь-мартындагы Кыргыз Республикасынын айрым өлкөлөр менен тышкы соода жүгүртүүсү**

| | Тышкы соода жүгүртүү - бардыгы | | анын ичинде | | | | Республиканын тышкы соода жүгүртүү-сүндөгү салыштырма салмак |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | экспорт | | импорт | | |
| | млн. АКШ доллары | 2016 январь-мартына карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | 2016 январь-мартына карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | 2016 январь-мартына карата пайыз менен | |
| **Бардыгы** | **1304,1** | **119,2** | **433,4** | **128,5** | **870,7** | **115,0** | **100,0** |
| **КМШ өлкөлөрү** | **585,3** | **114,9** | **195,7** | **122,5** | **389,6** | **111,5** | **44,9** |
| **ЕАЭБ өлкөлөрү** | **518,9** | **113,2** | **164,2** | **123,5** | **354,7** | **109,0** | **39,8** |
| Армения | 0,2 | 2,9 эсе | 0,0 | 0,0 | 0,2 | 2,9 эсе | 0,0 |
| Беларусь | 5,6 | 105,1 | 0,0 | 0,6 | 5,5 | 2,2 эсе | 0,4 |
| Казакстан | 196,0 | 88,4 | 75,6 | 86,0 | 120,4 | 90,1 | 15,0 |
| Россия | 317,2 | 137,0 | 88,6 | 2 эсе | 228,5 | 120,8 | 24,3 |
| **ЕАЭБден тышкаркы өлкөлөр** | **66,4** | **130,5** | **31,5** | **117,5** | **34,9** | **1,5 эсе** | **5,1** |
| Азербайжан | 0,2 | 19,6 | 0,2 | 104,8 | 0,0 | 0,6 | 0,0 |
| Молдова | 0,3 | 97,1 | 0,1 | 1,5 эсе | 0,3 | 87,5 | 0,0 |
| Тажикстан | 4,7 | 91,8 | 3,8 | 79,1 | 0,9 | 2,6 эсе | 0,4 |
| Түркмөнстан | 1,9 | 66,9 | 1,7 | 137,2 | 0,2 | 10,8 | 0,1 |
| Өзбекстан | 49,4 | 142,7 | 24,3 | 126,5 | 25,0 | 1,6 эсе | 3,8 |

| | Тышкы соода жүгүртүү - бардыгы | | анын ичинде | | | | Республиканын тышкы соода жүгүртүүсүндөгү салыштырма салмак |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | экспорт | | импорт | | |
| | млн. АКШ доллары | 2016 январь-мартына карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | 2016 январь-мартына карата пайыз менен | млн. АКШ доллары | 2016 январь-мартына карата пайыз менен | |
| Украина | 9,9 | 144,0 | 1,3 | 108,2 | 8,5 | 1,5 эсе | 0,8 |
| **КМШдан тышкарκы өлкөлөр** | **718,8** | **122,9** | **237,7** | **133,9** | **481,1** | **118,0** | **55,1** |
| **Европа** | | | | | | | |
| Швейцария | 157,2 | 2,2 эсе | 151,8 | 2 эсе | 5,4 | 9,2 эсе | 12,1 |
| Германия | 11,6 | 102,4 | 0,9 | 75,1 | 10,7 | 105,5 | 0,9 |
| Нидерланды | 2,3 | 1,6 эсе | 0,3 | 143,0 | 2,0 | 1,6 эсе | 0,2 |
| Бириккен Падышалык | 3,1 | 127,6 | 0,6 | 11,2 эсе | 2,6 | 106,9 | 0,2 |
| Франция | 7,0 | 93,8 | 0,1 | 8,8 | 6,9 | 109,0 | 0,5 |
| Польша | 3,9 | 120,2 | 0,3 | 89,1 | 3,6 | 123,7 | 0,3 |
| Швеция | 2,1 | 92,9 | 0,0 | 134,4 | 2,1 | 92,6 | 0,2 |
| Бельгия | 11,8 | 1,5 эсе | 9,2 | 1,5 эсе | 2,6 | 1,8 эсе | 0,9 |
| Австрия | 1,6 | 94,0 | 0,0 | 1,5 эсе | 1,6 | 93,6 | 0,1 |
| Италия | 6,4 | 136,0 | 0,0 | 33,0 | 6,4 | 136,4 | 0,5 |
| Испания | 1,9 | 70,1 | 0,1 | 2,5 эсе | 1,8 | 68,3 | 0,1 |
| Литва | 4,8 | 2,3 эсе | 1,5 | 139,8 | 3,3 | 3,5 эсе | 0,4 |
| Латвия | 1,8 | 1,5 эсе | 0,4 | 96,3 | 1,4 | 1,8 эсе | 0,1 |
| Болгария | 1,7 | 111,1 | 0,5 | 47,9 | 1,1 | 3 эсе | 0,1 |
| Венгрия | 1,9 | 106,4 | 0,0 | 5,7 | 1,9 | 110,7 | 0,1 |
| Чехия Республикасы | 1,2 | 61,7 | 0,0 | 2,9 эсе | 1,2 | 61,6 | 0,1 |
| Словения | 2,6 | 105,8 | 0,0 | 0,0 | 2,6 | 106,5 | 0,2 |
| Румыния | 1,3 | 2,8 эсе | 0,1 | 80,4 | 1,3 | 3,1 эсе | 0,1 |
| Сербия | 5,8 | 2 эсе | 1,6 | 96,5 | 4,2 | 3,4 эсе | 0,4 |
| **Азия** | | | | | | | |
| Кытай | 302,4 | 112,7 | 25,7 | 3 эсе | 276,7 | 106,4 | 23,2 |
| Бириккен Араб Эмираты | 3,1 | 10,0 | 1,2 | 3,8 | 1,9 | 3,3 эсе | 0,2 |
| Япония | 5,1 | 91,1 | 0,0 | 28,6 | 5,1 | 91,3 | 0,4 |
| Түркия | 78,5 | 108,7 | 32,8 | 87,1 | 45,7 | 132,4 | 6,0 |
| Корея Республикасы | 9,9 | 2 эсе | 0,1 | 73,6 | 9,8 | 2 эсе | 0,8 |
| Индия | 7,1 | 133,0 | 0,7 | 3,2 эсе | 6,5 | 125,4 | 0,5 |
| Иран | 4,1 | 56,2 | 2,4 | 38,1 | 1,7 | 1,6 эсе | 0,3 |
| Ирак | 0,5 | 21,9 | 0,5 | 21,9 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Ооганстан | 0,7 | 88,6 | 0,5 | 63,0 | 0,2 | 9 эсе | 0,1 |
| Монголия | 0,5 | 48,9 | 0,5 | 68,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Малайзия | 1,5 | 1,5 эсе | 0,0 | 1,1 | 1,5 | 1,5 эсе | 0,1 |
| Вьетнам | 0,8 | 96,7 | 0,2 | 2,8 эсе | 0,6 | 75,2 | 0,1 |
| Грузия | 1,6 | 141,6 | 0,5 | 107,5 | 1,2 | 1,6 эсе | 0,1 |
| Пакистан | 1,2 | 137,9 | 0,1 | 4,9 эсе | 1,1 | 126,7 | 0,1 |
| Сингапур | 0,5 | 8,2 | 0,0 | 0,0 | 0,5 | 8,3 | 0,0 |
| **Америка** | | | | | | | |
| АКШ | 51,7 | 1,8 эсе | 0,3 | 2,9 эсе | 51,4 | 1,8 эсе | 4,0 |
| Канада | 1,4 | 95,4 | 0,0 | 110,7 | 1,4 | 95,3 | 0,1 |
| Мексика | 1,1 | 99,4 | 0,0 | 0,0 | 1,1 | 99,5 | 0,1 |
| Эквадор | 0,2 | 81,2 | 0,0 | 0,0 | 0,2 | 81,2 | 0,0 |

*Экспорттук жөнөтүүлөр.* 2017-жылдын январь-мартында экспорттун көлөмү 2016-ж. январь-мартына салыштырмалуу КМШдан тышкаркы өлкөлөргө жөнөтүүлөрдүн 35,9 млн. АКШ долларына өсүп, 195,7 млн. долларды түздү, жана КМШ өлкөлөрүнө жөнөтүүлөр 60,2 млн. долларга өсүп, 237,7 млн. АКШ долларын түздү.

Экспорттун көлөмүнүн көбөйүшү монетардык эмес алтындын (51,2 млн. АКШ долларына), жашылчалардын (13,3 млн. АКШ долларына) жөнөтүүлөрүнүн кыскарышы менен шартталды.

**73-таблица: 2017-жылдын январь-мартындагы товарлардын айрым түрлөрүнүн экспорту**

| | Жөнөтүлдү - бардыгы | | 2017 январь-мартына карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | миң тонна | миң доллар | натуралай түрдө | нарктык түрдө |
| Нан жана нан азыктары | 0,4 | 1462,6 | 4 эсе | 10 эсе |
| Сүт жана сүт азыктары[1] | 4,4 | 6162,8 | 85,9 | 1,9 эсе |
| Жашылчалар[1] | 22,1 | 12942,0 | 34,5 | 48,6 |
| Чийки пахта | 2,7 | 4068,0 | 114,0 | 126,0 |
| Жездин сыныктары жана калдыктары | 1,8 | 1420,5 | 78,7 | 85,6 |
| Таш көмүр | 39,7 | 1288,4 | 106,3 | 1,5 эсе |
| Кагаз жана буюмдары | 3,7 | 695,0 | 7,5 эсе | 197,7 |
| Күмүш | - | 1168,6 | - | 2 эсе |
| Электр ысыткыч лампалары, млн. даана | 10,4 | 1238,4 | 88,4 | 95,4 |
| Жаңы жеңил автомобилдер, даана | 32 | 533,2 | 139,1 | 92,7 |
| Кийим жана кийимге тиешелүү буюмдар[1] | - | 41361,6 | - | 140,8 |
| Монетардык эмес алтын | - | 150505,5 | - | 1,5 эсе |

[1]Жеке жактардагы тандалма иликтөө жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча.

Экспорттук жөнөтүүлөрдүн эң жогорку үлүшүн Швейцария (алтын - 150,5 млн. АКШ доллары), Түркия (жашылчалар менен мөмө-жемиштер - 1,3 млн. доллар, чийки пахта - 2,9 млн. доллар), Россия (мөмө-жемиштер - 17,7 млн. доллар) жана Казакстан (сүт азыктары - 4,7 млн. доллар, жашылчалар менен мөмө-жемиштер - 6,0 млн. доллар) ээледи.

2017-жылдын мартында 2016-жылдын марты менен салыштырмалуу алюминийдин сыныктарына жана калдыктарына (1,7 эсеге), жездин сыныктарына жана калдыктарына (38,9 пайызга), жана кара металлдардын сыныктарына жана калдыктарына (21,2 пайызга) болгон экспорттук баалар өстү.

Муну менен катар таш көмүргө (20,2 пайызга), алма, алмурут, айваларга (11,0 пайызга) жана пахта буласына (1,1 пайызга) болгон экспорттук баалардын төмөндөшү байкалды.

**74-таблица: Айрым экспорттук товарлардын орточо анык бааларынын деңгээли**

| | 2017 мартында 1 тоннанын орточо анык баасы | | 2017 марты пайыз менен | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2017 мартына карата | | 2017 февралына карата | |
| | сом | доллар | сом | доллар | сом | доллар |
| Нан жана нан азыктары | 279428,3 | 4067,7 | 2,1 эсе | 2,2 эсе | 98,3 | 99,0 |
| Жашылчалар | 58644,3 | 849,2 | 1,6 эсе | 1,6 эсе | 111,1 | 111,4 |
| Алма, алмурут, айва | 53165,4 | 767,5 | 99,7 | 3,7 эсе | 89,0 | 89,0 |
| Тамекилер | 495,5 | 7,2 | 36,3 | 37,9 | 100,3 | 100,7 |
| Пахта буласы | 103059,7 | 1492,3 | 107,0 | 111,5 | 98,5 | 98,9 |
| Жездин сыныктары жана калдыктары | 69467,7 | 1004,9 | 132,0 | 137,4 | 138,4 | 138,9 |
| Алюминийдин сыныктары жана калдыктары | 33189,8 | 481,3 | 1,8 эсе | 1,9 эсе | 1,7 эсе | 1,7 эсе |
| Таш көмүр | 1882,6 | 27,2 | 110,3 | 115,0 | 79,6 | 79,8 |
| Иштетилбеген алюминий | 103889,1 | 1502,6 | 127,0 | 132,9 | 112,3 | 112,5 |
